К. Айдаркулов

# «МАНАС» эпосундагы элдик оюндар

«МАНАС-1000» МАМЛЕКЕТТИК ДИРЕКЦИЯСЫ
ИЛИМИЙ-ПРОПАГАНДАЛЫК «МУРАС» ИШКЕР ДОЛБООРУ

К. Айдаркулов

# «МАНАС» эпосундагы элдик оюндар

ОРДО ЖАНА ТОГУЗ КОРГООЛ ОЮНДАРЫНЫН ТАРЫХЫЙ КЕЛИП ЧЫГУУ МАСЕЛЕСИНЕ КАРАТА ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ МАКАЛАЛАР

«КЫРГЫЗСТАН»
1994

ББК 75. 727
А—37

Жооптуу редактору: тарых илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген ишмер, *Кушбек Үсөнбаев.*

Рецензенти: тарых илиминин кандидаты *Черикбай Өмүрбеков*

**Айдаркулов Кадыркул**

А 37 «Манас» эпосундагы элдик оюндар: Илимий-популярдуу макалалар /Б.: Кыргызстан, 1994.— 56 б.

ISBN 5-655-00953-6

Илимий-популярдуу эмгекте кыргыз элинин ордо жана тогуз коргоол оюндарынын турмуштук тарыхый кырдаалдардан (көчмөн-жоокерчилик доордон) келип чыккандыгы элибиздин улуу эпосу «Манастын» ыр саптарында чагылдырылган элдик оюндарда сакталып калган анын орчундуу көрүнүштөрү менен салыштырылып, талданылат. Элдик оюндардын жаштарды тарбиялоодогу маанисине өзгөчө көңүл бурулат.

Китепче жалпы окурмандарга арналат.

А $\frac{4204000000-09}{М\ 451\ (11)-94}$ ББК 75. 727

ISBN 5-655-00953-6

© Айдаркулов, 1994.
© «Мурас», 1994.

# КИРИШ СӨЗ

Кыргыз эли дүйнөдөгү байыркы элдердин бири катары өзүнүн узак тарыхында эчен-эчен эстен кеткис окуяларды башынан өткөрүп, маданияттын көп түрлөрүн жараткандыгы менен белгилүү. Өңгөнү айтпаганда деле кыргыздардын «тамга таштардын» улуу эталону болгон руникалык жазмаларды жараткан элдердин бири болгондугу менен да сыймыктана алабыз. Ал эми өздөрүнүн үрп-адаттарынын, салттарынын, дүйнөгө көз караштарынын жыйындысы болгон элдик оозеки чыгармачылыктары — элибиздин таланттуулугун ого бетер айгинелейт. Элдик чыгармачылыктын туу чокусу жана талантынын жыйындысы болгон «Манас» үчилтигинин кереметтүүлүгүнө сөз жетпейт. Ал океан. Ушул кезге чейинки аны изилдеген көп эле изилдөөчүлөр океандын жээгиндеги бирин-экин саякатчыларга гана окшойт.

Океанга тереңдеп кирип, аны ар тараптан иликтеп изилдеген эмгектер аз. Анткени, океанды жалгыз-жарым адам эч убакта сүзүп өтө албайт. Атаганат, сөз океанында тереңге сүңгүп, алыска сүзгөндөр болсо, кандай гана бактылуу болушаар эле. Эл бар эмеспи, үмүт үзүлбөйт...

«Манас» эпосу демекчи, биз бул китебибизде ошол сөз океаны болгон эпостун чексиз тамчыларынын ичинен бир гана тамчысына көңүл бурабыз. Ал эпосто айтылган айрым бир элдик оюндардын түрлөрү жөнүндөгү маалыматтар болмокчу. Ошол эпикалык маалыматтардын негизинде элдик оюндардын маани-маңызына окурмандардын көңүлүн бурмакчыбыз. Белгилей кетүүчү нерсе, ушул кезге чейин элдик оюндар жөнүндө бир нече эмгектер жазылган. Бул эмгекте кыргыз элинин ошол оюн-шоокторун эл ичинен жыйноого, оюндардын ойноо тартибине, шартына, өзгөчөлүктөрүнө, оюндун кызыктуулугуна кенен көңүл бурулган. Ошентип алар жазма түрүндө кайрадан элге жайылтылып жаткандыгы көпчүлүктү кубантпай койбойт. Толукталынып элдин калың катмарынан элдик оюндар өзүнүн ойноочуларын, ышкыбоздорун тапкандыгы алгылыктуу көрүнүш. Биздин максат өзүбүздөн мурдагы эмгектерде айтылган ойлорду толуктоо менен бирге айрым бир элдик оюндардын

маанисин, жашырын сырларын окурмандарга түшүндүрүп, чечмелеп берүү. Бул багытта элге кенен тараган ордо, тогуз коргоол оюндары менен бирдикте жоокердик машыгуу өнөрлөрүн өздөштүргөн оюндарды талдамакчыбыз. Себеби элибиздин көп түрдүү турмушунун көз караштары, ишенимдери бул оюндарда кенен чагылдырылган. Анткени элибиз көп жылдардан бери эчен-эчен кылымдарды арытып, ат жалында, мал артында жүрүп, көчүп-конуп келишкендиги карт тарыхтан маалым. Кыргыз менен Манас деген атты туу кылып бийик кармап, жашоо үчүн, бар болуш үчүн жанын сайып, эбегейсиз зор кармашууларды аралап, төгүлгөн канды кечип, айгайлаган ызы-чуу менен ат дүбүртүнө аралашып, сүңгүп кирип, ызгыган суукта, тозоң чаңда онтоп, эрдин тиштеп, жадырап күлүп, ачуу жашка, маңдай терге жүзүн жууп, бардыгы менен бир бүтүндүккө биригип, жуурулушуп, элибиз жашоо кумарына алаксып, кыйын кезеңдерди ашып келгендиги белгилүү.

Тарыхтын мына ушундай татаал узак жолун басып, анын карама каршылыгын жеңип чыгып, элдин биримдигин, этникалык атын сактап жашоонун жолун арбытуу ар бир эле адам жана эл үчүн оңойго турган эмес. Айрыкча «жоо жакадан алып, этектен тарткан» мезгилдерде белгилүү коомдун ар бир мүчөсү өзүн өзү күрөшкө даярдаган. Мындай кыргын күрөштөрдө ким жеңип чыкса, ал жак жеңиш кубанычына баткан. Жашоо улантылган. Албетте өмүрү жашоо менен өлүмдүн таразасына түшүп турганда ким да болсо жашоо үчүн жан далбастап, күрөшпөй койбойт. Тагдырың кылычтын кыры, найзанын учунда турган учурда көз ирмемдеги убакыт да убакыт бирдигин түзгөн. Жүрөктүн согуусу көз ирмемге болсо да узарган. Акыркы жолу ааламдын жарыктыгы менен кош айтышып, тунарып жумулуп бараткан көзүңдүн кирпигин көтөрө албай турган өмүрдүн учурунан өткөн оор дагы, кыйын дагы учур болбосо керек.

Ушул абалга жеткенге чейин, эч убакта жашоо күрөшү бүтпөгөндүгү, үмүттүн үзүлбөгөндүгү менен өмүр кызык окшобойбу. Албетте эң кымбат, асыл учурду ким туура пайдаланса, өмүр ошончолук узарып, жашоо күрөшү улантылат эмеспи.

Маселени ушул багытта караганыбызда кыргыз элинин оюншоокторунун көпчүлүгүнөн жашоодогу чоң күрөштүн көп жактарын, чиеленген татаал жолдорун көрө алабыз. Ар бир оюндун ойнолуу тартибинде, эрежелеринде элдин башынан өткөргөн тарыхы, эки жактуу күрөшү чагылдырылган. Алар тикеден тике ачык көрсөтүлбөй, көмүскөдө тамашага, оюн-күлкүгө айлантылып, кызыктуу жагдайлар менен көрсөтүлүп, жөнөкөйлөтүлгөн мааниде берилген. Элдик оюндардын чыгышына, ойнолуп калышына эл өзүнүн башынан өткөргөн турмуштук көрүнүштөрү менен жоокердик кагылышуулардын негиз болгондугу оюнчулардын кыймыл-аракеттеринен даана байкалат. Башкача айтканда кыргыз элинин

оюн-шоок тамашалары көчмөн жана жоокердик турмуштун чагылышкан көрүнүшү болуп эсептелет. Көпчүлүк оюндарды ойноо менен элибиз өздөрүн жана көрүүчүлөрдү жоокердик турмушка, алдыда боло турган күрөшкө машыктырган. Айрыкча оюнчулар оюн учурунда кылдаттыкка, дал мээлөөгө ж. б. дагы толуп жаткан өнөрлөргө үйрөнүшкөн. Ал эми улуу муундардын өкүлдөрү жаштарды белгилүү бир оюндун тартибинде ойнотуу менен турмуштагы зарыл кыймыл аракеттерди аткартышып, эртеңки күндүн талабына үйрөтүшүп, кимдин эмнеге жөндөмдүүлүгүн сындашкан. Ошентип, оюн үстүндө «миң сан колго жалтанбай кирген» келечекки баатырларды тарбиялашкан. Алибетте убакыт өткөн сайын, турмуш талабына карата оюндардын мурунку жоокердик маани-максаты эскирип, унуткарылып — акыркы учурларда ден соолукту чыңдоочу дене тарбиянын булагы болуп гана кызмат кылып калган.

Маселени ар тараптан (өткөн жана азыркы маанисинде) алганыбызда да элдик оюндарды улуу муундардын өз укуктарына белек кылган унутулгус ыйык эстеликтер экендигин биле жүргөндүгүбүз абзел. Кымындайдан топтолуп бизге жеткен ата-бабаларыбыздын ыйык мурасын жок кылып жибербей, алардын бөксөсүн толуктап, кийинкилерге калтыруу биздин (азыркы муундардын) тоодой милдетибиз, адамдык парзыбыз.

## ОРДО ОЮНУ ТУУРАЛУУ АЙРЫМ ТАРЫХЫЙ МААЛЫМАТТАР

Кыргыз жергеси бир убактарда байыркы адамдардын мекен жайы болгондугун жана алар өз дооруна таандык ири маданиятты түзгөндүгүн жергебизден табылган археологиялык бай табылгалар айгинелеп турат. Ошол алыскы замандардын адамдарынын табийгаттын таш боор кырсыктары менен болгон күрөшүүсү менен жан багуу үчүн жасаган аракети, эмгектенүүсү, көчмөндүү турмушу, алыскы жортуулдары, деги эле эркин жашоо үчүн болгон баатырдык кармашуусу, жалпы элден, алардын уул-кыздарынын чыдамкайлыкты, эрдикти, биримдикти, машыккандыкты талап кылгандыгы шексиз.

Мына ушулардын баары адамдардын күндөлүк турмушундагы кайталанылып туруучу көнүмүш адат болуп, элдин жашоо турмушунда өз изин, өз тагын калтырбай койгон эмес. Айрыкча, кыргыз элинин баатырдык эпосторунан, өткөн мезгилдердин демин, шаңын уксак, ал эми элдик оюн-шооктордун көпчүлүгүнөн ошол кездердин турмуш үзүндүлөрүн жана күнүмдүк жашоого болгон көз караштарын көрө алабыз. Ошентип бул жерде биз, те илгери өткөн замандардагы адамдардын турмуш-тиричилигинин көп жактарын чагылдырган кыргыз элинин оюн-шоокторунун айрымдарына гана токтолуп, ошого карата өзүбүздүн ой-пикирибизди ортого салмакчыбыз.

Кыргыз элинин илгери оюн-шоокторунун ичинен элдин тарыхый турмушун, көз карашын из ичине көбүрөөк камтыганы ордо оюну. Бул оюн кыргыз элинин илгерки кылымдарды карыткан өмүр жолун, эркин жашоо үчүн жан аябаган, куралдуу күрөштөрүн чагылдырган эбегейсиз чоң табышмактуу күзгүсү. Муундан муунга өтүп, айтылып бүткүс улуу дастаны. Дүйнө элдеринин эч биринде кезикпеген улуу жомок «Манас» эпосу сыяктуу

эле ордо оюну да кыргыз элинде гана сакталып калган. Кыргыз элинин көөнө маданиятынын башатын түзгөн мындай теңдеши жок байлыгынын азыркыга дейре унутулбай калгандыгынын бирден бир себеби алардын миң жылдар бою кайталанган жашоосунун бир калыптуу болгондугунда деп билебиз. Башкача айтканда кайгы-кубанычты коштогон көчмөн турмуш, кан менен көз жашка жуурулушкан түгөнгүс жортуулдар, улам-улам кайталанган күрөштөр, узак кылымдарга созулуп, көнүмүш жашоого айланган. Биротоло кан жанына сиңип бүткөн ушул көрүнүштөр жашоонун негизи гана болуп келген. Кыш кетип, жаз келип, жылдан жыл өтүп, баягы эле көнүмүш турмуш кайталанып, жаңыланып, жомок болуп айтылып, ордо болуп ойнолуп, ыр болуп ырдалып келе берген. Эл жайлоого көчүп, кайрадан кыштоого конуп, мал багып, элин сактап чепте туруп, эр азаматтар душманга каршы жортуулдарга барып, элибиз кылымдарды аралап өлүм менен жашоонун ортосунда калып келген. Ал эми жашоо болсо өзүнүн бүтпөгөн айлампасында айлана берген. Дагы дагы өз нугу менен айлана берген.

Ордо, ордо атыш деп оюндун аты эле айтып тургандай бул оюн көпчүлүктүн тагдыры чечилген чоң жыйындарда, чоң-чоң айыл арасында, уруулар ортосунда көп ойноло тургандыктан жыйындын оюну, ордонун оюну болуп аталып калган. Көпчүлүк жазма адабияттарда жана элдик оозеки чыгармаларда ордо деген түшүнүк же уруу жетекчилеринин, деги эле айрым бир билермандардын турган жайы же үйү катары берилгендиги белгилүү. Ал эми кыргыз тилинде ордо деген термин эки мааниде айтылат: 1) жогоркудай эле кол жетекчисинин турган жайын билдирсе, 2) элдик оюн ордону билдирет. Экөөндө тең ордо деген термин орто деген түрк тилиндеги сөздөн келип чыкканга окшойт. Бул сөз (түрк тилиндеги элдердин кайсынысына таандык болсо дагы) кыргыз тилиндеги «т» тыбышы «д» тыбышына өтүүсү менен орто деген сөз ордо болуп өзгөрсө керек. Башкача айтканда, орто — ордо, ак орто — ак ордо ж. б. болуп. Анткени «Манас» жана «Семетей» эпосторунда хандардын — эпикалык баатырлардын Ак ордосу, бир канча айылдын, элдин, көп жерлердин так ортосу катары берилет. Ак ордо тигилген Боз дөбө кыргыз эли жайлаган Иле өрөөнүн, Текес, Күнгөс өзөндөрүнүн, Музарт, Жылдыз тоолорунун, Каркыра, Аксы, Үч Мерки ж. б. жайлоо конуштарынын так ортосу катары сү-

рөттөлүнөт да, Манас мына ушул жер киндиги боз дөбөгө ордо куруп, аны борборго айландырат[1]. Ошондуктан эпосто жер ортосу Боз дөбө деп берилет[2]. Баатырдык эпосто жана эл ичинде ушундай жер ортосу Боз дөбөлөргө тигилген Ак ордо — ак койдун жүнүнөн кылдаттырылып, аппак борго бордотулуп, ак кийизден жасалгандыгы үчүн гана ак ордо деп аталгандыгы шексиз[3].

Боз дөбөдөгү ак ордонун ортого тигилиши эпосто төмөнкүчө берилет:

Көк дөбөнүн үстүнө,
Менин үйүм тиккиле,
Катын-эркек аралаш,
Аркан ченеп алгыла...
Үйдү үйгө кабыштап,
Учкаштырып тикпеңер,
Айылдын көркү бузулат.
Сыйра тиккен шамга окшоп,
Илгери кийин билинбей,
Жаккан оту көрүнсүн,
Тегерек тартып түз консун,
Арасын ийрип кең консун,
Сыдыргыдай түз консун![4]

Бул саптардан көчмөндүү турмушта жашап тегерек тартып, түз конушкан байыркы кыргыз айлынын, тандалган конушка, элдин конуу тартибин, (сырткы көрүнүшүнө өзгөчө маани берилгендигин) бир бүтүн айыл элесин көрө алабыз.

Ал эми ортого тигилген Чоң үйдүн Ак ордонун айланасындагы үйлөрдүн илгери кийиндиги билинбей, бирдей аралыкта болсун үчүн атайын аркан менен ченелүүсү да өзгөчө кызыгууну туудурат.

Манастын ордосу гана эмес анын күмбөзү дагы он сан алаш, ойроттун, оң менен солдун ортосундагы Таласка салынгандыгы[5] ак ордонун символу катары көрүнөт. Ордо деп аталган хандын өргөөсү жалаң гана айылдын ортосунда болбостон, шаардык курулуштун да ортосунда болгондугу төмөнкү мисалдан байкалат:

Калаанын аты Кайыр шаар,
Ортосуна ошонун,
Кан ордосу салынган[6] —

деп айтылат кыргыз элинин «Жаныш, Байыш» эпосунда.

«Джангар» эпосунда кезигүүчү «цахар» термини менен хандын өргөөсү тегерене коңшу болуп конушкан бир топ кедей үйлөрүнүн аталгандыгын көрөбүз.

Ушул эле көрүнүштү «Семетей» эпосунан дагы көрө алабыз:

Жетимиш короо айылы,
Тегиз жайлоо көк талаа,
Тегерек тартып конду эле,
Конуш жакты бейбакка[7].

деп айтылып Каныкейдин ак ордосун тигилүүсү менен бир кезде «тегерек тартып» конушкан кыргыз айылынын көрүнүшү чагылдырылат.

Ал эми монгол тилиндеги курень деп аталуучу термин да кыргыз тилиндеги орто деген термин менен негизги мааниси боюнча үндөшүп, бир гана түшүнүктү берет. Мисалы: «Байыркы монгол уруулары бир жерден экинчи жерге көчүп конушканда, ийрилип, тегерек тартып жайгашкан. Алардын жол башчысынын үйү бул учурда ошол көп үйлөрдүн айланасынын ортосунда калгандыгы үчүн, аны ортодогу чекитке окшоштуруп «курень» деп аташкан[8]. Ушинтип, бул мисалдардын негизги маанисине караганда ордо термини түрк тилиндеги элдердин орто деген сөзүнөн келип чыккандыгы ачыктан ачык байкалып турат.

Ал эми кыргыз элинин улуттук оюну Ордо оюнунда жогоруда биз сөз кылган чоң айылдын конуу тартиби, алардын сырткы көрүнүшү, жайгашкан мекен жайы чагылдырылып көрсөтүлгөн. Оюндагы жалпы чийин менен ушул топтун ээлеген орду, кыштоо конушу, деги, жалпы эле территориялык чеги чагылдырылган деп айтмакчыбыз. Айлана формасында тигилген көп үйлөрдүн ортосундагы ак өргөө — ак үй же ак Ордо хандын үйү болсо, ал ордо оюнунда жогорку катар-катар тигилген көп үйлөр — катарланган көп чүкөлөр менен алмашылып, алардын ортосуна коюлган кичинекей болоор болбос сөөктүн ак сыныгы хан деп аталып, хандык милдетти аткарган. Жогоруда айтылган «хан үйүнүн» сансыз көп айылдын так ортосунда аппак болуп маңкайып көрүнүүсү бир жагынан сөөлөт, даңк болсо экинчи жагынан айыл коргонунда коргонуу болгон, жана өз коопсуздугун сактаган. Буга ачык мисал «Семетей» эпосундагы жоону жеңип, жетиштүү келе жаткан Бакай менен Семетейдин алыскы жортуулдагы сапар жолун тосуп, күтүнүп жаткан Ангичал Бээжинден келе жаткан хан Бакайга атайын төрт булуңдуу ак чатыр тиктирип, анын эки жагына, жанаша кош чатырды жана арт жагына оолагыраак жылкычы, төөчүлөргө башка чатыр тиктирет. Бул жерде хан Бакайдын чатыры бир жагынан чоролордун жана жылкычылардын чатырлары менен калкаланса, экинчи жагынан Ангичалдын айылы

менен тосулуп, туш-тушунан курчалган айыл курчоосунда болгондуктан, эч кандай кокустукка учурабоочудай көрүнөт. Башкача айтканда «хан ордосун» алуу, аны кыйратып, талкалап кетүү оңойго турган эмес.

Ордо оюнунда сөөк сыныгынан жасалган «ханды» көп чүкөнүн ортосундагы чуңкурчага — жыдымакка салуу максатка ылайык болгон. Себеби сырттан урулган катуу сокку «ханга» жетпестен, кырка тарткан көп айыл тобуна урулган сыяктуу эле, кыркаланган көп чүкөлөрдүн тобуна урулуп, топ жарылган, жана ал сокку ханга жеткен эмес.

Ошентип, топ жарган оюнчунун бардык аракети — сырттан чийиндин ичинде жаткан көп чүкөлөр менен бирдикте борбордогу ханды да чийинден чыгарып, жеңишке жетүү. Башкача айтканда карама каршы жактын ээлеген ордун тартып алуу жана ага каршы күрөшүү чагылдырылат.

Эгер оюндун ушул жагдайына кайрылсак, анда эки жактын бир жагы чийинден көп чүкө атып чыгарышка да, ханды чертип чыгармайын толук жеңишке жетишпейт жана кийинки оюнда бул жак биринчи болуп топ жарууга, кезектешип чүкө атууга укук албайт. Качан гана чийинден ханды атып, же чертип чыгарып, чүкө атууга укук алгандан кийин гана жеңиш эки жактын бирине ыйгарылат. Мына ошондуктан ханды чийинден чыгаруу жана «хан чертүү», Ордо оюнунда өзгөчө мааниге ээ экендиги оюндагы эң зарыл көрүнүш, анткени «хан чертүүнүн» мындай өзгөчөлүгү жоокерчилик турмуштун негизги көрүнүшүн түзөт. Кан майданда, эки жактын беттешүүлөрүндө жоо жетекчисин же ханды жок кылуу согуштан жеңип чыкканга барабар экендиги эпостун материалдарында абдан кенен байкалат. Мисалы: «Семетей» эпосунда Коңурбайдын өлүмү менен душмандын жеңилгендиги мындайча сүрөттөлөт:

Кара калмак кайгырып,
Калчасынан айрылып,
Кол куушуруп калды дейт![9]

Же болбосо Күлчоро Үмөтөйдү сайганда:

Каныбызды сойдуң деп,
Бизди аман койгун деп,
Үмөтөйдү калың кол,
Кол кайрыбай калды эле — деп кайталанат.[10]

Бул салыштырууларды жыйынтыктап айтаарыбыз Ордодогу «хан чертүү» менен кан майдандагы аскердик беттешүүлөрдү окшош көрүнүштөрдө, канды саюу, же

жоо жетекчисин жок кылуу учурлары так, даана чагылдырылган. Ал эми оюндун социалдык, таптык жагына көңүл бурсак, анда оюндун негизги мааниси хандын өргөсүн ээлөө жана аны талкалоо экендиги берилген.

Чындыгында эле таптык коомдо, жашоонун запкысын тартып, көр оокат турмуштан кыйналган кара аламан эл, ак ордодо сөөлөт күткөн хан менен бектердин бийлигин жоготуп ордосун талкалап, теңдик турмушка жетүүнү көздөгөндүгүн тарых айгинелейт.

Мына ушул жакшы максаттарын, тунук кыялдарын турмушка ашыра албаган көпчүлүк эл аны ордо жана хан таламай оюндарында чагылдырышкан. Феодалдык-патриархалдык коом үстөмдүк кылган мезгилде бытыранды уруулардын ортосундагы келишпестиктердин күчөп турган доорунда, таптык күрөш — уруулар ортосундагы кагылышууларга сиңип кеткендиктен, өзүнчө болуп ачыкка чыга алган эмес.

Ар кайсы жерде мал артынан жүргөн жарды-жалчыларды биримдикке, ортого, жалпы активдүү аракетке чакырган бирден-бир ураан бул ордо ордо атыш оюну гана болмок жана бир кезде болгон деп айтсак, аша чаппаган болобуз. Бирок, мындай жакшы башталмалар — эзүүчү таптын колунда болгондуктан, көпчүлүктүн оюну тескерисинче элди эзүүгө карата жумшалган курал гана болуп кала берген. Башкача айтканда, ордо оюну уруу аксакалдары, бектер тарабынан уюштурулуп, уруулардын ортосундагы карама-каршылыктарды жоюунун ордуна аны күчөтүүгө алып келген. Оюндун катышуучулары жаатма жаат болуп мелдешип ойногондуктан, бул оюндун жыйынтыгы, эки жактын кагылышуусуз, чатакташуусуз эч качан аяктабаган. Мындай окуялар турмушта тез-тез кайталанып тургандыктан «Манас» эпосунан да орун алган: Манас «чоң казатка бара жатканда, жолдо чоролор эки жаатка бөлүнүп ордо ойношот. Оюн үстүндө Боз уул менен Ырчы уулдун чатакташуусунун натыйжасында Алманбет менен Чубактын бир бирине болгон араздашуусу, таарынычы башталат. Ырчы уул өз жаатындагы Чубакка келип:

> Айтыша келсе атаң тең,
> Алакан ача колуң тең,
> Ары түбүн тең тууган.
> Тең туугандан кем тууган,
> Сени кудай албады.
> Алманбетти көтөрүп,
> Арбак урган боз жигит,
> Айтпаганы калбады.[11] — дейт.

Мына ушундай туугандык намыс, өз жаатын жактоо — өз күчүндө турган мезгилде ордо оюнунун чатаксыз бүткөндүгү сейрек болгон. Буга ачык мисал XIX кылымдын экинчи жарымындагы Сарыбагыш менен Бугу урууларынын ортосунда болуп өткөн чоң чатактын бири да ушул ордо оюнун ойноодон чыккандыгы тарыхтан белгилүү. Буга эки уруунун ортосундагы чыр-чатак себепкер болгон. Уруш болоордун алдында Ормон менен Боромбай өз элдеринин атынан ордо курушуп, оюнга чоң байге салышат. Оюнду көрүүгө эки уруунун өкүлдөрү көп чогулушат. Калдайган калың жыйын эл болушат. Оюн ойнолуп, ал уламдан улам кызый берет. Тигил эки манаптын ортосунда мурдатан бери келе жаткан арыздашууну, атаандашкан келишпестикти ордо оюну ого бетер өрткө айлантып баратканын өзүнүн көрөгөчтүгү менен байкап билген белгилүү акын Калыгул мындай деп айткан экен: «Ээ айланайын туугандар! Ордону токтоткула! Ордонун ичи канга толуп баратат. Аягы чыр болбосун! Токтоткула!» — деп. Бирок, өчөгүшкөн Ормон менен Боромбай манаптардын жактоочулары Калыгулдун өтүнүч сөзүнө кулак салышпай да, өз теңдерине алышпай да коюшат. Ордонун ойнолушун уланта беришет. Ошентип бир тууган эки уруунун ортосундагы ордо оюнунан чыккан кандуу окуя тарыхта калып, ушул кезге чейин эл ичинде кечирилгис өкүнүч менен «аттиң» болуп айтылып келет. Ушинтип тарыхта, буга окшогон окуялар далай жолу кайталанып, элдин эсинде, так көңүлүндө жат болгондугу да чындык.

Байлыгына манчыркашкан бектер мелдешке көп сандаган мал коюп, дүнүйө сайып ойношкондуктан — жеңилип калган жак мелдешке сайылган малды кол астындагы элден чогултуп алган. Бул көрүнүш ордо оюнунда көп кайталангандыктан «ордо сал», «ордо салдыр», «ордо сай» — деген сөздөр эзүүчүлөрдүн өз карамагындагы элге карата айткан буйругунан келип чыккандыгы шексиз. Ушул себептүү элде: «Ордого сайылган бээлердин баарын силер алдыңар» — деген «буйрук» берүүчүлөргө карата ачуу менен айтылган сөз калган.

Ал эми ордо оюнуна дүнүйө сайып мелдешип ойношкон бектердин малына мал кошулуп, анын байлыгы артканы менен ошол малды тапкан кара аламан барган сайын жардыланып билермандардын колун карап, көз карандылыгы күчөй берген.

Мына ушул себептүү карапайым эл өзүн эзген бек-

тердин союлун бирге чабышкан, жортуулуна бирге барышкан. Ак-караны ылгап билүүгө чамасы жетпеген элдин абалы «Семетей» эпосунда төмөнкүчө берилет:

Жакыптан коркуп келдик деп,
Жанга жабыр көрдүк деп.
Жазыгы жок курган жан,
Жан аманат өлдүк деп.
Жанга жардык кылган соң,
Кара аламан — букара,
Амырында турчу деп.
Ур дегенди урчу деп[12].

Көбөштүн союлун көтөрүп, Семетейге каршы урган элдин ачык жообу, арман-муңу, дүнүйөгө болгон көз карашы айкын айтылат.

Эгер жогорку айтылгандарды жыйынтыктаганыбызда Ордо оюнунда:

1. Ак ордо, ордо — деген терминдер ордо деген сөздөн келип чыккан.

2. Оюндун негизин түзгөн чүкөлөр менен оюндагы «хандын» тигилүү ыкмасы боюнча бир кездеги кыргыз айлынын конуу тартиби чагылдырылган.

3. Оюндун эң негизин түзгөн таптык мааниси: жалпы элдин «хан ордосун» талкалап, жеңишке жетүү максаты көрсөтүлгөн.

Жогоруда айтылгандардын баары ордо оюнундагы чагылдырылган катмарлардын сырткы белгилери. Булардын ар жагында байкалбай жаткан дагы кандай сырлар, кандай ойлор бар деген суроого биз төмөнкүдөй ой жүгүртүүбүздү, божомолдообузду айтмакчыбыз.

Адамзаттын жана жалпы эле коомчулуктун тарыхы, анын келип чыгуусу, калыптануусу, узак жолдорду басып өткөндүгүн кимдер билбейт.

Биз сөз кылып жаткан ордо оюнунун алгачкы этабы да адамдардын жөнөкөй ишенимдеринен, дүйнөгө көз караштарынан, түшүнүгүнөн, ритуалдык ырымдарынан келип чыккан. Ушул ишенимдердин негизинде байыркы адамдар, ууга баруудан мурда, же алыскы жортуулдарга жөнөөр алдында, (уудан, же жортуулдан жолдуу кайтсам деген үмүттө), ууланууч жаныбарлардын же душмандын сүрөтүн (кейпин) жерге тартып, аны алыстан таш, же жаа менен атып, же найза менен атып уруп көрүшкөндүгү маалым.

Сүрөткө урулган таш же жаа илбээсиндин, же душмандын кайсыл жерине тийсе, ошол көрүнүшүндө жерге тартып, айлана түрүндөгү чийин менен же башка бир предметтер менен коргондоп, «ушинтип жарадар кылам,

жолдуу болом» деген ишенимде ууга жана жортуулга кетишкен. Бул жер ыйык деп эсептелгендиктен аны тебелебестен айланып өтүшкөн. Майрам күндөрүндө чийинди тегеренип бийлеп, көңүл ачышкан. Албетте, алгачкы адамдар үчүн алардын өмүрүнө коркунуч туудурган жырткыч айбанаттар, душмандар менен болгон кармашуулары, жетишкен жеңиштери да, уучулуктагы жакшы жыйынтыктары да жана ар кандай максат менен жүргөн ийгиликтүү жортуулдары да байыркы мергендер үчүн чыныгы майрам болуп эсептелген. Ыйык делинген нерселерге (жерге, сууга, отко, жаныбарларга) сыйынуу, аларга өзгөчө сапат берүү башка элдерде болгондой эле кыргыз элинде да болгондугу кызыктуу жана көп сандаган фактылардын негизинде жазылган Т. Б. Баялиеванын монографиясынан окуп тааныша алабыз[13].

Алгачкы коомдун мергендери жаныбарлардын кейиптерин жерге тартып, бул чийиндерди жаныбарлардын же душмандардын өздөрүнө теңеп, «ушул кейипти атышуу менен таамай атууга өздөрү үйрөнүшүп жана анын негизинде башкаларга да үйрөтүшкөн»[14]. Бул мисалдан бир жагынан анимисттик диндик ишенимдин жана ал адамдардын дүйнөгө болгон көз карашы өздөрү жашап турган турмуш талабынан келип чыккандыгын көрөбүз. Ал эми уудан, жортуулдан жолдуу кайткан мерген жана жоокер — өзүнүн туушкандарына мергенчиликтеги, жортуулдагы окуяларын зор эргүү менен айтып берсе да негедир бир нерсе жетишпегендей болгон. Ошондо ал мерген же жоокер жерге тартылган жаныбарлардын, душмандардын сүрөтүнүн жанына келген да, кантип ийгиликке жетишкендигин өзгөчө кыймыл-аракеттер менен көрсөтүп, тегеректеп турган туушкандарына түшүндүргөн. Өз учурунда бул сүрөттөр адамдын мамилесиндеги сөздөрдү толуктоочу жана ойду багыттоочу көрсөтмө курал гана болбостон, мергенчиликтин, жоокерчиликтин сырларын өздөштүрүү жайы да болуп калган.

Мына ушул схемалык түрдө алынган ыйык жерде байыркы мергендер менен жоокерлер өзгөчө кыймылдары менен колдорун чапчаңдыкка машыктырып, ар кандай шартта толук жеңишке жетүү үчүн өз эркин көндүрүшкөн. Муну менен бирге мергенчиликке жана жоокерчиликке керек болуучу зарылчылыктарды да өздөштүрүшкөн.

Маселени ушул жагдайда караганыбызда байыркы

мергендердин жана көчмөн урууларды — жоокерлердин коргондолгон сүрөт жанында жасаган кыймыл аракеттери ордо оюнунда өркүндөтүлүп, татаалданган түрдө кайталанып көрүнөт. Тигинде да, мында да адамдар ортосундагы мамилелерди чыңдоо, денени өстүрүү, керектүү тарбия берүү маселелери биринчи орунга коюлгандыгы байкалат. Чынында ордо оюнунда гимнастикалык элементтер көрүүчүлөрдү зор эмоция менен өзүнө тартпай койбойт[15].

Ордо менен байыркы мергенчиликтин жана жоокерчиликтин ритуалдык кыймылдары... бул экөөнүн тең тамыры бир нерседен чыгып келгендей көрүнөт.

Ал байыркы мергенчилик менен жоокерчиликтеги жерге тартылган жаныбарлардын жана душмандардын сүрөтүн коргондогон жалпы чийин. Мына ушул чийин жанында жасалган ар түрдүү кыймыл аракеттер, ар бир мезгилдин талабына жараша өзгөрүлүп, ар кандай максатка карата колдонулуп жүрүп отуруп биздин ордодогу көрүнүш гана бизге келип жеткен деген ойдобуз. Ал гана түгүл ошол илбээсиндин сүрөтүн чийген же душмандын кейпин тарткан жер, дайыма коргондолгон. Сыртынан тегиз тизилген таш коргон менен коргондолуп айлананын ичинде калган жер ыйык делинип каралган. Ал жерди көрүнгөн тебелеп-тепсеп булгай берген эмес. Жорткондо жолу болгон, жолу ачык, жеңиш жылоологон айрым бир тандалган адамдар гана ыйык жерди басууга, билгенин башкаларга үйрөтүүгө акылуу болушкан. Анткени ал көптү билген, өзүнүн эрдиги, жөндөмдүүлүгү менен башкаларга үлгү болгон, кудайдын каалоосу менен өзгөчө сыйкырдуу күч колдогон ыйык адам катары көрүнүп, диндик ишенимди туудурган жана аны алып жүрүүчү адамга айланган. Адамдардын көңүлүндө ыйык делинген жер — адамдын сөөгү жашырылган жерге карата да айтылган. Анткени адамдын өзү да башка жаныбарларга салыштырмалуу ыйык деп эсептелинген. Себеби адамдын жаныбарлардан өзгөчөлөнгөн артыкчылыгы, башкача күчтүн таасири, жардамы менен болуп жатат деген түшүнүктөн келип чыккан. Сөөк жашырылган жердин ыйыктыгын байыркы мезгилдин коло доорунан бери карай белгилүү. Адамдардын сөөктөрү ар кайсы жерде коюла бербестен, ошол ыйык жерге алынып келип коюлгандыктан, мүрзөлөрдүн чогундусу — көрүстөндөр, мазарлар пайда болгон. Ар бир мүрзөнү таш коргондор менен коргондоо байыркы көчмөн уруулардын ичинде айрык-

ча: сактардын, усундардын, гундардын, байыркы түрктөрдүн жана кыргыздардын бейиттеринде кенен жайылтылган салттардын бири болуп калган. Дегинкиси азыркыга чейин маркумдун мүрзөсүнө топурак салуу жана таш тизип, же таш коюп, ташты чегип өзгөчө белги коюу илгертеден келе жаткан туруктуу салттардын бирине айланат. Сөөктү жашырууга топурак салуу, ага таш белги коюу өзгөчө салтка айлангандыктан, коомдун ар бир мүчөсү өзүнүн ташын алып келип — өзүнө гана таандык орунга коюп (коомдо ээлеген ордуна карата), турпак салып, маркумдун тирүүлөр арасында дайыма унутулбай жүрө тургандыгы эскерилген. Ошондой эле анын өлүмүнө себепкер болгон өлүмдүн кара күчү башкаларга зыянын тийгизбестен, ушул жерден башка жерге чыкпасын деген тирүүлөрдүн ырымы катары мүрзөгө таш бастырып, таш тизип тегеректеп коргондоп, аны бекемдөөгө алып келген.

Адамдын денеси жашырылган ыйык жерде тирүүлөр кез-кези менен айрым учурларда маркумду эскеришип, анын тирүү кезиндеги кылган иштерин, баатырдыгын, мергендигин ж. б. орчундуу деген өнөрлөрүн өзгөчө кыймыл аракеттер, жаңсоо менен кайталап көрсөтүшүп, тигинин тирүү кезинде ким болгондугун башкаларга баяндап айтышкан. «Маркумдун ким экендигин биле жүргүлө, кесибин кайталагыла, үйрөнгүлө деген максат баяндалып, келечектин камкордугу көрсөтүлгөн. Мына ушул себептүү бейиттердин жанында, аны тегеренип, өзгөчө кыймылдар менен ритуалдык бийлер бийленген»,— деп тээ байыркы жазма булактарда жазылып калынган маалыматтар бекеринен айтылган эмес. Ал эми ордо оюнунун «ыйык» деп эсептелинген тегерек чийининин жанында эмне чагылдырылган — кандай сырлар бар деген суроого биз ордонун жалпы чийини менен байыркы мергендер менен жоокерлердин ритуалдык чийиндерин салыштыруу аркылуу жооп берүүгө аракеттенебиз.

Ордо оюну ошол мергендердин, жоокерлердин чийини сыяктуу эле «чоң айлана чийиндин (диаметри 16 м. келген) жерге чийүү менен ушул чийинден туруп айлананын борборунда жаткан көп чүкөнү атуудан башталат»[16]. Оюн жүрүп жатканда оюндун бардык катышуучулары, дагы башка көрүүчүлөр — (байыркы мергендер жана жоокерлер сыяктуу эле) чийиндин ичинде ойноп жаткан оюнчунун ар бир кыймылына көз салышып, чийиндин сыртынан карап турушат. Качан гана оюнчу

өз укугун жоготкондон кийин, экинчи оюнчу ойноого укук алат да оюн улантылат[17]. Айрыкча оюнчу өзүнүн чебер аткычтыгы, шамдагайлыгы, машыккандыгы менен көрүүчүлөрдүн көңүлүн бурат. Мына ушул көрүнүштө ордо оюну жаштардын жөн гана көңүл ачуу үчүн ойноогон сүйүктүү оюну болбостон, мергендердин, жоокерлердин ритуалдык кыймылдары сыяктуу, жаштарды бир нерсеге үйрөтүп, тарбия берүүдө — көрсөтмө курал катары кызмат кылат.

Алгачкы мергенчилик менен тиричилик кылуу улам артка жылып, анын ордуна жоокерчилик үстөмдүк кылгандыктан, адамдын көңүлүнө жат болгон мергенчиликтин ритуалдык ишенимдери да кийинки доордун талабына карата өзгөрүлгөн. Мындай өзгөрүүлөрдүн натыйжасында ордо оюнунда байыркы мергендердин кээ бир ритуалдык кыймылдары сакталып калынса да (жалпы чийин, чийиндин сыртынан атуу, саюу ыкмалары), көпчүлүк көрүнүштөр түп тамырынан бери өзгөрүлгөн. Жаныбарлардын сүрөтүнүн ордуна алардын чүкөлөрүн тигүү тартиби, белгилүү аралыктан ушул топ чүкөнү мээлеп атуу, аларды бөлүштүрүү, экиге бөлүнүп ойноо жана башка тартиптери кийинки доорлордо гана калыптануусу шексиз.

Ордо оюнундагы жерге чийилген чийиндерди эми биз мергендердин ритуалдык чийини катары эсептебей, бул чийиндерди алардын жашоосунун бөлүп алгыс бир өзгөчө бөлүк катары карап көргүбүз келет.

Ооба, ал чийин бир кезде ритуалдык милдетти аткарса, кийинки учурларда мергендердин жана жоокерлердин жашоо турмушуна сиңип, адаттагы бир көрүнүш болуп калгандыгы турмуштук чындык.

Эми алар, бул чийин менен кандайдыр бир аймакты белгилеп, анын айланасын чектеп көрсөтүшкөн атайын белги катары пайдаланышкан. Ошол чийиндин ичиндеги чүкөлөрдү жайгаштыруу ыкмасы менен бул аймактан орун алган кандайдыр бир жаныбарлардын же душмандардын ээлеген орду көрсөтүлгөн. Ошол тизилген чүкөлөр менен көрсөтүлгөн жырткычтарга, же жалпы эле ууланууучу айбанаттарга жана душмандарга карата белгилүү бир жерден алардын өңүтүн алып, коюлган чабуул, чүкөлөргө карата атылган томпой жана абалак менен чагылдырылган.

Анткени эл ичинде айтылган төмөнкү маалыматка көңүл бурсак белгилүү бир аймакты, кандайдыр бир схемалык чийин менен чийип, белгилеп, ошол чийиндин

жанында эки элдин, же эки жактын ортосундагы ынтымакташуусу, же кагылышуусу жана дагы толуп жаткан мамилелердин иш жүзүнө ашыруу чындыгын көрөбүз. Себеп дегенде:

Чийин чийип жер бүтсө,
Куйрук кесип күн бүтсө.
Чыбык кыркып доо бүтсө.

Бул илгертеден калган салт. Эки жак жоолашса да, чабышса да кел эми келишели, биригели, бир эл бололу — деп өтүнүшкөндө бири бирине жылчыгы жок бүтүн чийин (түз же тегерек чийин А. К.) чийип беришкен. Муну менен биз бириктик, бир эл болдук дегенди билдирет. Кокус чийиндин бир четиндеги кемтиги болсо, ачык жери калса — аны менен эки жактын бир жагынын көңүлү толбогондугун — кемдигин, кеги араздыгы бардыгын билдирген. Ал эми чабышууда өлгөн эрлердин кунуна жылкы төлөнсө, жал-куйругу кыркылып, толук күзөлүп белги салынып кунга берилген бул жылкыны ким көрсө да кундун аты, «баланчанын кунуна» келген деп билишкен. Эки жак биригишкенде, бири бирине кеги болбогондо чыбык кыркып бири бирине биригишип, бирге аттанышкан (Арстакеев Абдылда карыядан 1898-ж. туулган Жети-Өгүз району, «Дружба» колхозу, 1972-ж. жазылып алынган). Ушул себептүү:

Чийиниңди чийип бер,
Чыбыгыңды кыркып бер,—

— деген сөз эки жактын баатырлары бири бирине шарт коюшуп, жоолашканда же келишкенде айтылган. Булар бири бирине элчи жиберип, шартын айтып, бир нерсенин бетине чийинин чийип, келише турган, же уруша турган белгисин көрсөтүп, ушул шартымды, ушул чийинимди бузсам ушул чыбыктай кыркылып калайын — деген түшүнүктө чыбык кыркып, бир жагын элчиге берип, экинчи жагын өзүндө калтырган.

Ушул салттын XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыз элинде толугу менен өкүм сүргөндүгүн Чохан Валиханов да эскерет. Ал, өз учурунда сарыбагыш уруусунун бийи Сарытайдын чыбык кыркып бул ырымдарды көрсөтүп жаткан учурун карандаш менен сүрөткө да тартып алган[18]. «Семетей» эпосунда бул ырым мындайча берилет. «Чийин бузуп тынч элди басып кирген душмандарга каршы күрөшүүгө камынган эл менен чоролор бетме-бет карашып туруп, ушул урушта кашык каныбыз калганча урушалы, ким чыккынчылык кылса

өзүнө, жети атасына каргыш тийип, ушул чыбыктай тууралып калсын»[19] дешип, чыбык кыркып аттанышат да баары биригип бир адамдай болушуп, эл жерди коргоо үчүн урушка киришет. Ал эми «Манас» эпосунда болсо баскынчылардан эл жерин бошотуп алган Манас чоролоруна кайрылып мындай дейт:

Эмесе Балдын белине
Сызылып эле коёлу.
Эми өйдө-ылдый өткөнчө,
Көңүлүмө тутуп калайын чором,—

деп «Балдын белине» «сызылып белги» калтырат[20].

Бул жерде келтирилген «Эмесе балдын белине, сызылып эле коёлу...» деген жана башка саптардан байыркы бир кездеги адамдардын таш бетине чийин чийип, жазуу жазгандыгын, белги калтыргандыгын көрөбүз. Ушундай ташка чегилген белгилер менен бул жер кимге таандык экендиги аныкталган. Өйдө-ылдый өткөн жолоочулар, кербендер бул таштагы белгилер боюнча ушул жердин кимге таандык экендигин сурабай эле болжолдоп билишкен. Белгилүү бир жерге, же таш бетине ушул аймакта көчүп жүрүшкөн көчмөндөр өз тамгасын, өз белгисин калтырышкандыгы кыргыз жергесиндеги көп сандаган чийин таштар күбө боло алат.

Ташка чегилген текелердин, буурусун кошулган өгүздөрдүн жандарындагы кичинекей тегерек чийиндер менен эмне көрсөтүлгөн? Ал эмне деген тегерекчелер? Биз ушул тегерекче белги менен байыркы адам кайсыл жерде кандай тиричилиги боло тургандыгын, жана өздөрүнүн ээлеген ордун белгилегендир деген ойдобуз. Бир кезде тегерек тартып түз конгон көчмөндөрдүн айыл көрүнүшү, мергенчилик кылган, мал баккан, жер айдаган чарбачылыгы — ар бир чарбанын өз алдынча орду — байыркы «сүрөтчүнүн» таш бетине жөнөкөй тегерекче сызыгы менен көрсөтүлгөн, «аймактык белги» болуу керек деп түшүнөбүз.

Ушул жөнөкөй тегерекчелер жана ордо оюнун жалпы белгиси схемалык түрдөгү аймактык белги болсо, анда ошол ордо чийининин жанында жогоркудай күрөштөр, бул оюндун кайсыл элементтеринде чагылдырылган? Ал «күрөштөр» оюндун кандай ыкмалары менен берилет? — деген суроо сөзсүз туулушу ыктымал. Ошондуктан бул маселе чечмелөөнү талап кылат.

Биз эми ошол маселеге токтололу: Ордо оюнун ойногон бардык эле оюнчулар жана оюнду көрүүчүлөр да бул оюнда кездешүүчү «ура атуу», «кыңкай атуу»,

«кадоо», «торуу» — деген оюн ыкмаларынын бар экендигин жакшы билишет.

Оюндун мына ушул элементтеринен биз байыркы доордогу мергендердин жана жоокерлердин кээ бир кыймыл аракеттеринин чагылышкан көрүнүштөрүн жана тартиптерин көрө алабыз. Мисалы, оюнда «ура атуу» ыкмасында байыркы адамдардын белгилүү бир аймагынын көрүнүшүн жерге чийип, тегерек чийин менен ошол жердеги айбанаттарга, жырткычтарга, душмандарга кандай кылып чабуул коюу, алардын тобун жаруу жана биримдигин бузуп, жекелетип жок кылуу менен уучулуктун жана жоокерчиликтин бир көрүнүшүн чагылдырса, оюндун «кыңкай атуу» ыкмасында мергендердин же жоокерлердин каршысындагы жырткыч айбанаттарга же душманга тикеден тике чабуулга өтпөй, анын өңүтүн алып, капталынан, күтүүсүздөн качыруунун кээ бир ыгын эске алат.

Ал эми оюндун «тооруу» ыкмасында жок кылуу үчүн тандалып алынган жырткычты же душманды топтошкон көп күчтөрдөн алыстатып, өңүтүн алып, белгилүү бир жерге чейин анын баруусун күтүп, артынан аңдып, анан ыңгайлуу жерге келгенде тике чабуулга өтүп, аны жок кылууга, же туткундоого аракеттенгендиги абдан эле так көрсөтүлгөн. Ордо оюнундагы ичке түшкөн оюнчунун ар бир кыймылы, багыт алып отуруусу жана бет маңдайындагы, жанындагы колу жеткен чүкөлөрдү чертүүсү, чертүү ыкмалары, айрыкча артында чүкө калтырбоого аракеттенгендиги ж. б. толуп жаткан оюн элементтери, өлүм менен өмүрүн таразага салып, белгилүү бир жердеги жырткычтар же душмандар тобунун курчоосунда калган мергендин же жоокердин, жашоо үчүн, жеңиш үчүн жүргүзгөн күрөш ыкмаларынын комплекстүү жыйындысы катары көрсөтүлгөн. Бул ыкма менен анын дайыма абдан кылдат болуусу, жана өтө сактыкта болуусу чагылдырылган. Ичтеги оюнчунун кылдай эле кетирген каталыгы, же одоно кыймылы, анан оюнду андан ары карай улантпастан токтолуп, колундагы томпой же абалакты таштап, чийинден чыгып кетүүсүнө алып келет. Бул деген жоокердин кан майданда мертингендиги менен түшүндүрүлөт.

Ыйык айлананы тегеректеп турушуп, кандайдыр бир ритуалдык кыймыл-аракеттерди жасап жатышкан адамдардын көрүнүшү чагылдырылган таш бетине чегилип тартылган байыркы мезгилдин сүрөттөрүнөн[21] ордо оюнунун эң алды ушул жерде, азыркы кыргыз жергесинде

пайда болгон деп билебиз. Ал эми бул оюнду жана дүйнөдө теңдеши жок «Манас» эпосунун трилогиясын жараткан байыркы элдин кошундусу кийинки убактарда түзүлүп калыптанган кыргыз элинин бирден бир бириктирүүчү уюткусу болгондугунда шек жок.

Эгерде ордо оюну дүйнө элдеринин биринде гана кездешсе, анда тарыхтын мындай ыйык эстеликтерин тигил же бул эл жараткан, андан кийин кыргыздарга өткөн,— деп айтууга болот эле. Бирок, «Манастай» теңдеши жок эпикалык дастан жана ордо оюнундай элдик оюн эч бир элде жок. Кыргыз эли мындай ыйык эстеликтерди өзүнүн кыргыз деген аты менен кошо тарыхтын катмарланган, тээ алыскы туңгуюгунан ушул кезге чейин сактап, азыркы урпактарына жеткиришкен. Эл өзүнүн мындай алтын казыналарын дагы да сарамжалдуулук менен сактап кийинки муундарга татыктуу өткөзө алат. Эл өзүнүн тарыхын, маданиятын билбей, айтпай коё албайт да.

## ОРДОДОГУ «ИЧКЕ ТҮШҮҮ» ЖЕ «ХАН ЧЕРТҮҮ» ЫКМАЛАРЫ

Мезгилдүү басма сөздөрдө ордо оюну боюнча ар кандай ача пикирлер айтылып жүрөт. Ошондой эки ача ой М. Мамыровдун «Ордо оюнунун тарыхы» — деген апыртмалуу макаласынан даана көрүнөт[22]. Макалада ал өзүнө өзү каршы болуп чиеленишкен ойлордун туткунунда гана калып, далилдүү эч бир нерсе айта алган эмес. Айрыкча Ордо оюнунун келип чыгышы, анын максаты, талабы жөнүндөгү маселелер боюнча айрым бир эске аларлык ойлор айтылса дагы кайрадан аларды өзү жокко чыгарып, окурмандарды эки анжы ойдо калтырат.

Биз бул маселе боюнча өзүбүздүн оюбузду башка макалабызда кенен айткан элек[23]. Ошондуктан, бул жерде ордонун бир гана маселесине токтолобуз. Башкача айтканда ордодогу «ичке түшүү» же «хан чертүү» маселесин талдайбыз. М. Мамыров өзүнүн макаласында Ордо оюну жоокердик турмушту чагылдырат деп туура айткан. Бирок, ошол жоокердик мезгилде жол башчынын, же хандын ээлеген ордун туура эмес көрсөткөн. Ал минтип жазат: «Уруу же уруу башчыларынын, баатырларынын, билермандарынын үй-жайы, турак үйү алгачкы мезгилде өзүнчө жайгашкан. Борборго ка-

раганда убактылуу турган жерден канды атып, же чертип алуу өтө оңой»,— (КМ 6. 01. 92.) деп жаңы «теорема» ойлоп таап эч нерсе менен бекемделбеген калпыс оюн окурмандарга таңуулайт. Бул жердеги ханды каршы жактын өкүлдөрү оңой чертип, же оңой атып алсын,— деп убактылуу өзүнчө жайгаштыргандыгы согуштук кырдаалда өз кол башчысын, же ханды коргоонун ордуна, аны жоого таштап, душмандарга сатып кеткен чыккынчы жоокерлердин иш аракетин көрсөтүп калган. Ал эми Ордо оюнунда жана турмуштун өзүндө хан борбордон орун алат эмеспи. Ушундай кайчы пикирлерди ырбатпай аларды тактап аныктап алганыбыз да жөн.

Ошентип, ичке түшүү ордо оюнундагы оюндун негизги ыкмаларынын бири. Ал оюнчудан эң жогорку чеберчиликти, шамдагайлыкты, өзгөчө ыкманы сезимтал билгичтикти, чыдамкайлыкты талап кылат. Оюн учурунда оюнчунун өз күчүн үнөмдүү сарптай билиши, жыйынчактуу болушу эң зарыл талаптардан болуп эсептелинет. Оюндун кызыктуу жүрүшү, алибетте, көрүүчүлөрдүн көз талдырып суктанып караган, керемет тамашасына айланат. Оюнчунун ордонун жалпы чийиннинен анын ичинде жаткан чүкөлөрдү томпой, же абалак менен тике атканда, борбордогу чүкөлөрдүн тобу жарылып, чүкө чийинден чыкса жана томпой же абалак оюн учурунда чийиндин ичинде калып жакын жаткан чүкөгө чен белгиге (чен чыбык) жете турган болсо, ошондо гана оюнчу «ичке түштү» болуп эсептелинет. «Манас» эпосунда бул көрүнүш төмөнкүчө берилет:

Атып, атып чүкөгө,
Ичке түшүп имерип,
Томпой менен жиберип,
Чертүүгө Манас барганы,[24]—

деп ичке түшүүнүн ыкмасы айтылат. Ичке түшкөн оюнчу, сыңар тизелеп олтуруп жанындагы чүкөнү «сүрө атуу», «кайта атуу», «имере атуу», «тартып атуу», «чертүү» ыкмалары менен чийинден чыгарып, колундагы томпойду экинчи чүкөгө жакындатууга аракеттенет. Ар бир чүкөнү чертүүнүн ортосунда колундагы томпоюн ошол чүкө атылган жерге коюп, боюн түзөп, кийинки черте турган чүкөгө карата жакын ыңгайланып отуруп, анан томпойду колуна алып, чүкө чертип оюнун уланта берет. Бул учурда оюнчунун арт жагында жана жанжанында чачылган же жалгыз жарым калган чүкөнүн болуусу мүмкүн эмес. Эгер чүкөнү чертип жатканда артында байкалбаган чүкө калса оюн токтотулат, оюн-

чу жыдыйт, ичтен чыгып кетүүгө аргасыз болот. Оюнду башка оюнчу улантат. Ичке түшкөн оюнчу томпойду жерден алганда кокустан башка чүкөнү кыймылдатса, же томпойду колунан түшүрүп жиберсе, же жер таянып өбөктөп калса да, ал жыдыйт, оюн токтотулат. Албетте, ичтеги оюнчунун эң негизги максаты көп чүкө алып, борбордогу «ханды» да чертип, чийинден чыгарып кетүү. Анткени «ханды» чыгарган жакка кийинки оюнду улантууда биринчи кезек берилип, топ жарып, көп чүкө чыгарып кетүүсүнө ыңгайлуу шарт түзүлөт. Башкача айтканда жеңишке жетишилет. Эгер жогоруда көрсөтүлгөн талаптар толук аткарылбаса, же оюндун эрежеси бузулса, ошондой эле чийинден чүкө чыгарыла электе, хан чыгарылса, ал чыкты деп эсептелинбейт. Оюнду кезектеги башка оюнчу улантат. Мисалы: «Манас» эпосунда чоң казатка бараткандагы жортуулда кырк чоро экиге бөлүнүп ордо ойношот. Бир тарабы көп чүкө атып алышып, экинчи тарабы жалгыз гана канды алышат. Ал эпосто мындайча айтылат:

Ызаланып эр Жайнак,
Чийинди басып тоңкойду,
Мээлеп туруп бек койду.
Намыстанып жан чыкты,
Аткан жерден кан чыкты.
Канга томпой жетиптир,
Катуу тийип томпойу,
Кан алыска кетиптир...[25]

делип экинчи жактын өкүлү Эр Жайнактын канды мээлеп атып, чийинден чыгаргандыгы баяндалат. Бирок, канды туура эмес атып чыгардыңар деп биринчи жактын оюнчусу Бозуул чыккан канды кайрадан жыдымакка (борборго) салат:

Тузбу дебей түгөнгүр,
Кыйшык аттың каныңды...[26]

деп күнөөлөйт ал тиги жактын оюнчуларын. Анткени, көп чүкө алышып, жеңишке жетип турушкан жеринен тигилердин канды уттурушуп жибергендиги абдан эле өкүнүчтүү болот. Себеби, алар көп чүкөнү алганга азгырылышып кетип, кандын кайда экендигин да байкабай калышкан.

Ажыбайдын балдары,
Акаарып атып жүрүшүп,
Аңдабастан калганы,
Сызыкка жакын четинде,
Көмүскө жерде кан калды,[27]

деп айтылып, кан чийинге жакын жерде жатса дагы борборго карата түздөлүп, түз атыла тургандыгы өзгөчө мааниге ээ болуп, ал баса белгиленип жатат. Ушул эле маалыматтын өзүнөн М. Мамыровдун жогоруда айтылган «канды убактылуу жерден оңой атып алууга болот» — деп айткан божомолунун жокко чыккандыгы ачык эле көрүнүп турат. Башкача айтканда кан кайсыл жерде болсо дагы ал борборго карата, же борбордон (жыдымактан) четке карата (чийинди көздөй) түз атыла тургандыгы оюндун негизги шарттарынын бири. Бул шартты унутпообуз абзел. Эми оюндун ушул көрүнүштөрүн элдин жашоо тиричилиги, жоокерчилик турмушу менен салыштырып караганда анын эң негизги максаты эмнеде экендиги ачык көрүнөт. Ордонун эң башкы максатында карама-каршы жактын негизги күчүн, же душмандын топтошкон колун кантип жеңүүнүн жолдору жана коргонуунун ыкмалары көрсөтүлгөн. Ал эми ордо оюнундагы көп көрүнүштөрдүн бири ал «ичке түшүү» ыкмасында, белгилүү бир баатырдын же атайын жиберилген жоокердин карама-каршы жактын жеринде, же душмандын ичинде болуп, каршы жакты ичтен бүлүндүргөндүгү байкалат. Оюнчунун ар бир кыймыл аракети менен ошол ичтеги жоокердин жеңишке жетүүгө карата кылган аракети жана ал өзүн өзү коргоп кала тургандыгы, сактыгы, шамдагайлыгы чагылдырылган. Анткени жоокерчилик мезгилде ордонун жалпы чийини менен душмандын ээлеген орду белгиленет. Ошол чек деп аталган шарттуу белгинин жанында туруп, четтин нары жагындагы душмандарга карата тандалган жоокерлердин чабуул коюусунун ар түрдүү ыктары көрсөтүлгөн. Бул ыктарга ордо оюнундагы «топ жаруу», «кынкай атуу», «ура атуу» жана башка көрүнүштөрдү айтууга болот. Ордонун борборуна «хан» баштап тизилген көп чүкөлөр тигил жактын элдүү аймагы, куралдуу күчү катары шарттуу түрдө алынат. Чийинден туруп атылган томпойдун борбордогу топту жарышы аркылуу жоокерлердин чечкиндүү чабуулу, соккусу көрсөтүлгөн. Ушул чабуулдун натыйжасында ичкеридеги душман колунун иреттүүлүгү кетип, ынтымагынын бузулгандыгын — ордо ичинде туш-тушка чачылган чүкөлөрдүн абалынан көрөбүз. Оюнчунун ичке түшкөндүгү жана анын ойноо тартиби менен айрым бир тандалган жоокерлердин кан майданда жекече чыгып, душманга сүр көрсөткөндүгү, эрдиги байкалат. Душмандын курчоосунда калып, өмүрүн өлүм менен өмүрдүн таразасына

салып жекеге, жекеге — деп кыйкырып, майданда турган баатырдын баатырдыгы менен эки жактын беттешүүсүнүн түйүнү чечилген. Ошондуктан ичтеги оюнчунун өзүнө жакын жаткан чүкөлөрдү бирден терип аткандыгы — тигил баатырдын душманды жекелетип, бирден жеңгендигин айгинелейт. Бул учурда чүкөнүн артта болбостугу менен жекеге чыккан жоокердин артында эч кандай душмандын болбостугу түшүндүрүлгөн. Анткени бул көрүнүш менен бет маңдайдагы жана жанына келип калган душмандын жоокерине көңүл коюп бүт күчүн аларга каршы жумшап жаткан жоокердин аракети көрсөтүлгөн. Экинчиден бул көрүнүш менен майдандагы жоокердин арт жагындагы душмандын байкоосуздан кол салып мертинтпестиги да алдын ала эске алынган. Кокус, анын артында каршы жактын жаңгыз жарым адамы калган болсо, анда «ичте» беттешип жаткан жоокердин артынан күтүүсүздөн сокку бермек да, тигил жоокер жеңилип калмак. Ошондуктан, бул көрүнүш оюнчунун жыдыганы менен көрсөтүлгөн. Ал эми оюнчунун ойноп жаткан учурунда колунан томпойун түшүрүп, же жер таянып, өбөктөп калгандыгы аркылуу жекеге чыккан жоокердин колунан куралын түшүргөндүгү, же жарадар болгондугу менен салыштырылган. Албетте мындай учурда ал жоокердин андан ары кармашууга жараксыз болгондугуна байланыштуу, тигил жоокер майдандан чыгып кеткен, же аны алып кетишкен. Оюнда болсо ичтеги оюнчу жыдыгандын күйүтүн тарткан. Дагы бир эске алуучу нерсе оюндун жүрүшүндө оюнчунун ханды чертип чыгаргандыгы майданга чыккан жоокердин каршы жактын жетекчисин жеңгендиги жана жалпы душманды багынткандык менен түшүндүрүлгөн. Ушундай жагдайлар эске алынып, ортодо «хан» деп аталган мүйүздүн же сөөктүн кичинекей сыныгы борбордогу оюкчага салынат жана анын тегерегине катарланган чүкөлөр тизилет. Себеби сырттан урулган катуу сокку «ханга» жетпестен тигил чүкөлөргө урулган сыяктуу эле, каршы жактын катуу чабуулу эң алды көпчүлүккө, кара аламан элге урунуп, эл чабылып чачылган. Хан, же кол жетекчилери өз элинин, өз колунун калканычында, көпчүлүктүн ортосунда болуп, башкаларга окшоп орчундуу жабыр тарткан эмес. Кыскартып айтканда туш тарабынан коргонууда болгон ханды чыгаруу, же жеңүү оңойго турган эмес. Ошондуктан ордодо «хан чертүү», «ханды атуу», же «ханды кууп атуу» деген ыкмалардын талабына жараша өзгөчө

аракеттер жасалган. Бул көрүнүштөн ордонун ичинде жайгаштырылган каршы жактын күчүн кантип жок кылуудагы жоокерчилик турмушта учуроочу күрөштүн негизги элементтери ачык чагылдырылган. Ушинтип душман менен болгон далай беттешүүлөргө караганда даярдыгы күчтүү кыргыз эли жөнүндө «Манас» эпосунда мындайча айтылат:

Нуркталып калган эл экен,
Ушу кезде бул кыргыз,
Урушка туулган неме экен.
Түптөлүп калган эл экен.
Дүмөккө туулган неме экен.[28]

Ушул себептүү кыргыз элинин абалы, ээлеген орду ордо оюнунун жалпы чийини менен көрсөтүлүп, анын борборуна чүкөлөр менен курчалган ханды тигип, көчмөндүү турмушта жашаган ата-бабабыздын айыл-айыл болуп конуу тартиби, жоокердик абалы даана чагылдырылган. «Тегерек тартып түз конгон» көп айылдын сырткы көрүнүшү менен бирге алардын ортосунда аппак болуп өзгөчөлөнгөн хандын үйү — ордо үйдүн ээлеген орду, алардын жалпы көрүнүшү жогоруда көрсөтүлгөн туй-туйланган көп чүкөлөр жана борбордогу «хан» деген белги менен алмаштырылган. Ушул оюндун ойнолуу ыкмалары менен сырткы душмандардан коргонуу ыкмасы жана аларга каршы күрөшүү жолдору көрсөтүлгөндүгүн жогоруда айткан элек. Ошентип туш-туштун баары жоо болгон учурда ар кандай кокустукка даяр болуш үчүн көпчүлүк эл кары-жашы дебей ушул ордо оюнун ойноо менен жоокерчиликтин сырларын өздөштүрүшкөн, өздөрүн машыктырышкан. Бул жөнүндө «Манас» эпосунда мындайча эскерилет:

Жыдымак сызык арасы,
Жыргалына карачы
Токсон таман чоң ордо,
Ойлоп чийип алыптыр.
Сексен үчү — чүкөсүн,
Жерин өлчөп алыптыр,
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл болуп калысы,
Атып жатыр шакылдап,
Кыргыл чал баш болуп,
Башкарып жүрөт бакылдап.[29]

деп айтылат.

Бул саптардан көрүнгөндөй ордодо оюндун жүрүшүн жөнөкөй катардагы адам башкарбастан согуштук ишке абдан дасыккан, бүт өмүрүн жоокерчиликте өткөргөн

кырктын башы Кыргыл чалга окшогон, согуш сырын билген белгилүү гана адамдар башкарышып, башкаларга үйрөтө алышкан. Ушинтип ордо оюнунда элдин тарыхый турмушу, дүйнөгө болгон көз карашы, жоокердик замандагы жашоо кумары үчүн болгон күрөштөрдүн айрым көрүнүштөрү чагылдырылган. Башкача айтканда ордодо чоролор томпой менен чүкөлөрдү атып, көздөрү менен так мээлөөгө, колдорун найза саюуга, кылыч чаап, жаа тартууга көндүрүшкөн. Жаштарды жоокердик өнөрлөргө машыктырышкан.

«Манас» жана «Семетей» эпосторунда чоролордун алыскы жортуулдарга — чоң казаттарга бараар алдында ордо ойногондуктарынын негизги себеби жоокерлердин алдында боло турган, күтүлүп жаткан беттешүүлөргө карата даярдангандыгын чагылдырган. Муну менен согуш өнөрүн эске алуу, кайталоо, аларды бышыктоо болуп эсептелген. Алдыда күтүлгөн чечүүчү күрөшкө, согуштук беттешүүлөргө өтө тактык менен даярданышкан. Анткени, эки жактын бир жагынын согуштук күчү аз болсо дагы, алардын өзгөчө машыгуусун, даярдыгын, деги эле согуш жүргүзүүнүн эрежелерин билгендигинин натыйжалуулугу менен ал жак дайыма жеңишке жетишкен. Эпостогу Манас баштаган кырк чоронун согуштук аракеттери буга ачык мисал.

Ал эми М. Мамыровдун: «ордо оюнунда сыйкырдуулук, колдоочулук бар, мына ошонун негизинде Манас жана анын чоролору жеңишке жетишкен жана согуш болоор алдында чоролордун сөзсүз түрдө ордо ойногондугунун себеби да мына ушул сыйкырдуулукта»,—(КМ, 23. 07. 81.) — деп эч далилсиз калпыс «теореманы» чыгарып, оппоненттерин сындамыш болот.

## ЭЛДИК ОЮНДАРДЫН ЖООКЕРДИК МАШЫГУУДАГЫ ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ

Жогоруда талдоого алынган: «чийин чийип жер бүтөө», «чийининди чийип бер», «сызылып эле коёлу» — деген саптардын эки жактын ээлеген ордуна, аймагына карата айтылгандыгын дагы бир жолу эскермекчибиз. Эки жак «сызык сызып» шарт коюшканда бири бирине кол салышпоо, басып кирбөө жөнүндө жана айрым бир белгилүү жерлердин, анда жашаган элдердин кимге таандык болуп, кимге карай тургандыгы жөнүндө жана башка маселелерди айтышкандыгы шексиз. Кокус ка-

рама-каршылык болуп уруш чыкса, же чечилбеген талаш-тартыш болсо мына ушул илгерки салттын негизинде экинчи жактын ээлеген ордун, аймагын ордонун жалпы чийини менен белгилеп, мына ушул жерде аларга кантип сокку берүүнү же коргонуунун планы иштелип чыккан, оюндун жүрүшү аркылуу душмандын өңүтүн алып, кандай кылып сокку берүү жана жеңүү, эки жаатка бөлүнүп ойноп жаткан оюнчулардын ойноо тартиби менен чагылдырылган. Ушул жерде томпой же абалак менен чүкөлөрдү атуу, чертүү ыкмаларында душманга кантип сокку берүү маселеси жана анын жолдору көрсөтүлгөн.

Жогоруда учкай эскерилген оюнда кездешүүчү: «ура атуу», «кыңкай атуу», «кадоо», «тооруу», «чертүүгө» окшогон ыкмалар менен жоокерчилик доорго мүнөздүү тартиптердин чагылдырылгандыгын ачык көрөбүз. Мисалы, «ура атуу» ыкмасы менен жоокердин алыстан чабуул коюп, топ жарып, душмандын биримдигин кетирип, иреттүүлүгүн бузуп чилдей тараткандыгы чагылдырылган. Оюндун «кынкай атуу» ыкмасында душманга тикеден тике чабуулга өтпөй анын өңүтүн алып, негизги күчтөн болуп, алыстатып капталынан күтүүсүздөн качырып кол салуунун ыгы көрсөтүлгөн. «Тооруда» болсо — душмандын алдын тосуп, өз жагынан алыстатып кетирбей башкалардан бөлүп, жекелетип туткундоо, же жок кылуу маселесиндеги жоокердин иш аракети чагылдырылат. Ал эми ордо оюнундагы ичке түшкөн оюнчунун ар бир кыймылы, багыт алып отуруусу жана бет маңдайындагы, жанындагы, колу жеткен чүкөлөрдү чертүүсү, айрыкча артында чүкөнү калтырбоо ж. б. оюн элементтери, кан майданда топ жарып ичке түшкөн жоокердин, абдан кылдат болуусун эске салат. Экинчи жагынан алганда ордо оюнунда чоролор томпой менен чүкөлөрдү атып, көздөрүн так мээлөөгө, колдорун найза саюуга, кылыч чаап, жаа тартууга көндүрүшкөн. Өздөрүн ар түрдүү жоокердик өнөрлөргө машыктырышкан. Ушул схемалык түрдө алынган экинчи жактын аймагын жалпы чийин менен белгилеп, ал жерге душмандын колун жайгаштырып (чийиндин ортосунда чачылган чүкөлөр менен) анын кайсы жагынан кандай чабуулга өтүп, кантип беттешүүнүн, кантип коргонуунун ыкмалары чийиндин так ортосунда жаткан көп чүкөлөрдү, «ханды» томпой, абалак менен далдап атуу жолдору жана өзгөчө ыкмалар менен башкаларга үйрөтүлгөн.

«Манас» жана «Семетей» эпосундагы чоролордун алыскы жортуулдарга — казатка барар алдында ордо ойноосу, согуш искусствосун эске салуу, кайталоо, бышыктоо катары баяндалат.

Байыркы жоокердик учурда каршылашкан эки жактын кайсыл жагынын согуштук күчү көп болсо, же кандайдыр бир жактын өзгөчө машыгуусунун даярдыгын, деги эле согуш жүргүзүүнүн эрежелерин үйрөнүүнүн натыйжалуулугу жакшы болсо, ошол жак жеңишке жетишерлиги бышык.

Ушул себептүү кыргыз элинин баатырдык эпосторунун дээрлик бардыгынан тең миң сандаган душмандын колуна кырк чоро же үч-төрт эле баатыр тең келип, зор жеңишке жетишкендигин, чоролордун баары тең туюктан жол тапкан, ар кандай жоо-жарактарга машыккан, жоону күтүп даярданган, бир күнүн да текке кетирбей кезек-кезеги менен чекте тургандыгын көрөбүз. Бул учур эпосто төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Туш тараптын баары жоо,
Кармап жолун күзөтүп,
Жолдун баарын күзөтүп,
Сырттан коюп кезекти,
Жигиттер көрбөй төшөктү.
Жезекчинин сыртынан
Аянбай чалгын чалдырып.
Ар тараптан жол чалып,
Аныктап кабар алдырып.
Кароол коюп ар жолго...[30]

Бул көрүнүштөрдүн жоокерчилик турмуш чындыгынан келип чыккан адилет көрүнүш экендигин эч ким талаша албас.

Мына ушундай мезгил талабынан келип чыккан машыгуулардын, даярдыктардын, үйрөтүүлөрдүн турмушта кандай жол менен жүргүзүлгөндүгүн биз билбейбиз, бирок ушул учурдун кээ бир көрүнүштөрү ордо жана башка элдик оюндардан, элдик оозеки чыгармачылыктын айрым бир материалдарынан байкалат. Айрыкча баатырдык эпостордун кээ бир эпизоддоруна кайрылсак:

Маслат угуп Бакайдан
Маш үйрөтүп жаштарга,—

— деп айтылат «Семетей» эпосундагы Семетейдин душманга каршы жөнөп жаткандагы даярдыгында. Ал эми «Манас» эпосунун Ч. Валиханов жазып алган үзүндүсүндө, ал жердеги зордук кылып жаткан сансыз колдун кабарын угуп:

Ала байрак найза алып
Жоодураган кырк чоро
Он эки таман ордо алып
Колко салып турду дейт[31]

— деп сүрөттөлөт. Андан ары ашка келген душман колуна сүрдүү көрүнүш үчүн Манас чоролоруна кайрылып:

Барың окшош болуңар
Кырк кара боз миниңер.
Жарак жабдык шайлаңар
Көк коёнго окшошуп
Кырк кара көк кийиңер[32]

— деп буйрук берет. Эпостун кийинки окуяларында сансыз кол куралып чоң казатка баратканда да кырк чоро экиге бөлүнүп чоң ордо куруп, ордо атууда өз чебердиктерин көрсөтүшөт[33]. Ал эми «Семетей» эпосунда Үргөнчтү камап жаткан Чынкожо, Толтойдун көп колуна каршы бараткан Семетей жолго түнөп, чоролору менен ордо ойноп баары бирдикте алдыда болуучу чоң урушка даярдык көрүшөт. Бул мисалдарга караганда ордо жоокерлердин ар кандай согуш ишине даярдануучу, машыгуучу мекен жайы болгон деген биздин оюбуз ырасталгандай болот. Кан майданда баатырлардын топ жарып, жекеге эл намысын деп, кан төгүп нечен жарактар менен чабышка түшкөндүгү (кылыч, найза, айбалта ж. б.), алар сынып, бири бирин жеңише албай, жарактарын таштап, күч сынашып, күрөшүп жыгыша албай кармашып турган баатырлардын көрүнүштөрүн — кыргыз элинин «Манас» баштаган бардык эле баатырдык эпосторунан жолуктура алабыз. Ушул эле эпизоддун көрүнүшү байыркы заманда (биздин эранын бир миңинчи жылынын биринчи жарымында) жасалган күмүш буюмдардын беттеринде чоң чеберчилик менен чегилип, түшүрүлгөндүгү зор кызыгууну туудурат. Борбордук Азиянын, Алтай, Енисей ойдуңдарынан табылган археологиялык табылгалардагы мындай сүрөттөрдөн ушул сюжетти көрүп отуруп, байыркы замандан бери карай эрдик даңазаланып айтылып, ыр болуп ырдалып, эл оозунда кайталанып, эпикалык чыгармалардын уюткусун түзгөн деп айтмакчыбыз. Чынында эле бул сюжет мурда пайда болбосо, тиги күмүш буюмдардын бетине кайдан түшмөк.

Ушуга окшогон далай жекече беттешүүдө, бүткүл жоо-жарак сынганга чейин чабышкан баатырлар, буга

чейин эле ушундай беттешүүгө даярдык көрүп (мындай беттешүүлөр жоокерчилик турмушта сөзсүз эле болмок) жоо-жарактардын бардык түрүн жогорку чеберчиликте пайдалана билүүгө алдын ала эле үйрөнүшкөн, машыгышкан. Мындай машыгуулар ордо деп аталган атайын белгилүү жерде (б. а. ортодо, чоролордун ортосунда) дайым жүргүзүлүп тургандыгы шексиз. Жоокердик машыгуулардын атайын тандалган майданы деп аталган ордо оюнунда эл жердин сакчылары согуш өнөрүнө үйрөнүүнү, дайыма жүргүзүп тургандыгын кыргыз элинин башка оюн-шоокторунан да байкоого болот. Элдик оюндардын көпчүлүгүндө душман жакадан алып, этектен тартып турган кыйын учурдагы чоролордун ар кандай согуш куралдарын жогорку чеберчиликте пайдаланууга машыккандыгы чагылдырылган. Алсак, балдардын «баш аламан», «мангел уруу», «ашкабак чапмай»[34] ж. б. оюндарында найза саюуга, кылыч чабууга машыгуунун кээ бир элементтери орун алган. Ал эми «Манас» эпосунда чоролордун өз ара ар түрдүү куралдарды пайдалана билүүгө машыккандыгы мындайча берилет:

Ат жарышмак ойнойлук,
Үзөңгүнүн боосунан,
Оодарышмак ойнойлук,
Камчы менен чабышып,
Найза менен сайышып,
Сабы колдо калышып,
Кылыч менен чабышып
Андан айла болбосо,
Эшик эндүү айбалта,
Айбалта менен чабышып,
Чык бери оюн кылалы,—

— деп[35] баатырлар бирин бири жекече чакырышат. Ушинтип, ар кандай куралдарга машыккан баатырлардын жекеге чыгып, өлүм же өмүр үчүн сайышуусунун да өзүнчө жолу жана жөнү болгон.

Эзелки замандын согуш тартиби боюнча, эки жактын колу бетме-бет келишкенде тикеден тике ат коюшпастан, эң мурун күч сынашышып, сүйлөшүшкөн. Өзүнүн күчүнө ишенген жак жоосуна, каршысына түр көрсөтүү үчүн — алышмак керекпи, же чабышмак керекпи деп арага элчи салган. Каршы жок «алышмак керек»— десе эки жактан атактуу баатырлар жекеме-жекеге чыгышкан[36]. Бирине бири карама-каршы ат коюшуп:

Алтын кемер чети деп,
Айдаланып бети деп,

Өпкө боор тушу деп,
Өлөр жериң ушу деп,[37]

— найза сайышкан, күч сынашкан.

Ушундай беттешүүлөргө канчалык даражада даяр экендигин, эмнеге жөндөмдүүлүгүн, машыккандыгын элге көрсөтүшүп элдин сынын алышкан.

Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунан: «Илгерки элдин бузулбас эрежеси боюнча эки жак канчалык өлүм алдында жоолашып жатышса да. «жекеге» деген кыйкырык чыкканда, баш аламан тартипсиз урушуу токтоп, жекеге баатырлар гана чыгып, кимди-ким жеңсе, экинчи жактан жеңилгендин өзүн туткундап, атын коштоп, өз жагына кете берген»,— деген жазманы окуйбуз. Ушинтип эки жак тирешип турса дагы, ортого дагы-дагы баатырлар өз ураанын, өз наамын айтып, жекече чыгышкан. Күнөөсүз согушка катышкан көпчүлүк элдин, күнөөсүз канын төктүрбөөгө аракет кылган «эл уулдары» ортого, жекече чыгып:

Өзүн кармап алайын,
Тилине анык канайын,
Өзүн сайып алайын,
Алтын олжо кылайын,[38]

— деп кайраттанып өз жанын өз эли үчүн курман кылууга даяр болушкан.

Мына ушундай коркунучтуу учурларга даяр болуп, эл керегине жароо үчүн атайын даярдануудан өтүү турмушта болгон. Мисалы, найза саюуга жана коргонууга үйрөнгөндүктүн айрым көрүнүштөрүн, машыгуунун кээ бир элементтерин элдик оюн баш айланма[39] оюнунан көрүүгө болот. Бул оюнда, кандайдыр бир нерсенин бетине (дубалдын же тактайдын) кичинекей тегерекче чийилип, (диаметри 50—60 см.) оюндун катышуучусунан, ушул чийиндин ортосуна оң колундагы таякча менен түз келип сайып кетүүсү талап кылынат. Бирок чийинди саюудан мурда сол колун оң колтугунан өткөрүп, оң кулагын кармоосу жана оң колуна таякты алгандан кийин, турган ордуна (диаметри 100—120 см. келген чоң айланада) 5—6 жолу айлануусу зарыл. Ушундан кийин гана 10—15 м. аралыктагы бир нерсенин бетине чийилген тегерекчени түз барып саюуга аракеттенет. Оюндун бул көрүнүштөрүнөн, биз сол колуна калкан кармап, оң ийинин, көкүрөгүн, бет алдын тосуп, оң колуна кармаган найзасын алдыга сунуп душманына бет алып бараткан жоокердин элеси байкалат.

Же ат үстүндө, ат жалына эңкейип, өбөктөй жатып сол колундагы калканга жашынып, бет алдын тосуп, оң колундагы узун найзаны ат башынан алыска ашыра сунуп каршысын мээлеп, чаап бараткан жоокердин элесин көрөбүз.

Бала кезде өздөрүнүн ушундай кумарлуу оюндарын ойноп жүрүп, аны менен белгилүү деңгээлге чейин машыгып, дасыккан үйрөнчүктөр кийин көпчүлүктүн алдында эр сайышка түшүп, өз өнөрлөрүн элге көрсөтүшкөн жана сыналышкан. Учуру келгенде «эл намысын коргоп», топко түшкөн эр азаматтардан болушкан. Эпостун сөзү менен айтканда:

Алыскыны найзалап,
Жакынырaак келгенин,
Ак албарс менен кайсалап...[40]

эрдик жасашкан. Өзүн сактап, элин сактап, душманын жеңүүгө бардык жоо-куралын пайдалана билгендиги өзгөчө мааниге ээ болгон. Ал эми жоокердин кылыч чабууга машыккандыгынын кээ бир элементтери балдардын «мангал уруу», «ашкабак чапмай»[41] ж. б. оюндарында да чагылдырылат. Бул оюндардан куралды (жогортон төмөн карай, оңдон солду карай) шилтегенде бүткүл денени, жана ар бир кыймылды ушунчалык тактыкта, тыкандыкта кармай билүү керек экендигин, ошондой эле аралыкка жараша убакытты үнөмдөй билүүнү эскерткен учурларды байкайбыз.

Жоокердин жаа тартууга машыккандыгын эпостун материалдарынан ачык көрөбүз. «Манас», «Жаңыл Мырза» эпосторунда жоокерлер экиге бөлүнүп алып, асманга бир нерсени ыргытып (көпчүлүк кезде баш кийимди) ошого карата жаа атып көнүгүшкөн. Элдик оюндардын ичинен «кулакка чапмай»[33] оюнунда бул машыгуунун кээ бир элементтери чагылдырылган. Оюндун катышуучулары чиеленип, түйүлүп асманга ыргытылган бет аачыны тосуп алышып (эки жактын бирөө) калыска тез жеткирүүгө аракет кылышат. Албетте, бул жерде жаа тартуу айтылбайт, бирок эки жакка бөлүнүп асманга ыргытылган бир нерсени тосууга аракеттенишип колдорун созушкандыгын, жерге түшүрбөй кармап калууга аракеттенгендигин биз эпостогу жаа тартуунун ушул көрүнүшү, ушул ыкмасы менен салыштырабыз. Эпостун баатырлары бала кезинен так ушу көрүнүштө машыгышып, такшалгандан кийин гана көп жыйындарда «жамбы атууга» түшүшкөн. Керектүү учурда сырт-

тан басып кирүүчүлөргө каршы бет алып, жалтанбай жарак сунушкан. Башкача айтканда:

Атынарга мергенди,
Мылтык атар эренди,
Бир башка бөлүп салды эми.
Желекти жерден көтөрүп,
Жекелеп жоого киргенди,
Жоо жарагын билгенди,
Кылкандай найза кылайтып,
Жасоо бөлүп салды эми.
Жаса жаппас мыктууну,
Алга салып жиберип,
Чабуулду коюп калды эми.[42]

Бул саптардан ар бир курал жаракка эң жашынан машыккан баатырлардын өз өзүнчө болуп катарга тургандыгын жана ошол көрүнүштөрүндө чабуулга өткөндүгүн көрөбүз. Ошондой эле бул саптардан байыркы жоокердик демократиялык тартип менен түзүлгөн аскердик коомдук түзүлүштүн элеси элестейт. Эл-жерди коргоодо эр жигит эл четинде, жоо бетинде болуп, колуна жогоркудай курал алып, кээде өз чегинен өтүп, «жол чалып жортуулда жүргөндө, же жылкы тийип, тил кармоого аттанганда колго түшкөндүгүн, же колго түшүргөндүгүн балдардын, «ак терек-көк терек», «көлгө түшмөй»[43] деген оюндарынан көрүүгө болот.

Туткунга түшкөн каршы жактын адамдары кайсыл жакта, кайсыл элге колго түшсө, ошол элдин кылган ишин аткарууга, салтын жолдоого жортуулдарга чогуу барууга милдеттүү болгондугун, ошол коомдун же айрым уюмдун закондуу мүчөсү болуп кала тургандыгын тарых барактарынан кимдер билбейт. Жогоруда айтылган оюндарда ушул учурдагы (туткундоо, туугандашуу ж. б.) шарттарда жасалуучу (майрамдык көрүнүш, ритуалдык кыймылдар, балдардын бул окуяны тууурагандыгынан) оюндагы жогорку көрүнүштөр келип чыккан деген ойдобуз. Балдар бой тартып өсө баштаганда эле чоңдордой болууга аракет кылып, аларды туурап, кайталап, эмне кылса ошону кылат, ошондуктан жаш өзгөчөлүгүнө карабай согуштук куралдарды колдоно билгендиги эпосто мындайча берилет:

Он экисинде ок аткан,
Он үчүндө найза кармап, жоо сайган,
Он төртүнө келгенде,
Ордо бузуп үй чапкан,
Он бешке келгенде,
Орчун журтка баш болгон.[44]

Манастын баатырдыгына карата айтылган ушул мүнөздөмө, бир учурда жаш кезинен элди коргоп, жоо саюуга даярданган бардык эле баатырларга берилүүчү мүнөздөмөлөрдүн бири болгон. Анткени, жогоруда сөз кылган жоокерлердин машыгуу өнөрлөрү, тынчтык мезгилинде жалпы коомчулукка, элге көрсөтүлүп, көпчүлүктүн сынынан өткөн. Ошондон кийин гана белгилүү жыйындарда, аш-тойлордо, ушул «согуш оюнуна» абдан машыгышкан жигиттер эл ортосуна чыгып «эр сайышка», «жамбы атышка», «кылыч чабышка», «күрөшкө» жана башка мелдештерге түшүп, өз күчтөрүн, жоокердик жөндөмдүүлүгүн сынап көрүшкөнү анык. Мына ушундай өнөрпоз жигиттерден кол курап, жыйындарга баруу кээ бир жакшылар үчүн биринчиден, атак-даңк, сөөлөт болсо, экинчиден — ич ара келишпей жүргөн душмандарына кыр көрсөтүү, алардын үшүн алуу... Мындай көрүнүштөр уруучулук жана феодалдык коомдордо өзгөчө адатка айлангандыгын «Манас» эпосундагы Көкөтөйдүн ашында чакырылган хан, бектердин кол курап келгендигинен көрүүгө болот[45]. Ушул ашка келген досдушмандын сезин алыш үчүн, Манас баштаган кырк чоро, кыркы бирдей ак боз ат минип, окшош кийим кийинишип, баары бирдей жарак тагынышып Тазбайматтын тебетейин көккө ыргытып, жерге түшүрбөй кыркы кырк жолдон атышып, ошол аш өтүп жаткан айылга сүрдүү да, шаңдуу да болуп киришкендиги далай зөөкүрлөрдүн жүрөгүн түшүрөт[46].

Ушундай чоң аш-тойлордо топко түшүп, өз өнөрлөрүн көрсөтүшүп, эл элегинен өтүшкөн жигиттер гана эл, жерди коргоонун ыйык милдетине татыктуу болушкан. Сыналган өнөрпоз жигиттерге ишенген эл, алар жөнүндө «эр жигит эл четинде, жоо бетинде» деп алардан элдин коргоочусун, сакчысын көрүшкөн. Албетте, бардык эле жигиттер мындай ыйык ишенимге татыктуу болушкан эмес. Ошондуктан, бул ишенимге жетиш үчүн эл уулдары болуп аталган чоролордун тынчтык учурда, зериккенде, ордо куруп, эки жаатка бөлүнүп машыккандары өз заманындагы закондуу көрүнүшкө айланган. Күндөлүк турмуштун адаттагыдай көнүмүшүнө айланган бул көрүнүштөрдүн алгачкы башталмасы көпчүлүк элдик оюндарда айкын чагылдырган. Башкача айтканда ордо оюнунун өзгөчө бир көрүнүшүн упай оюнунан да көрүүгө болот. Упай оюну үйдөгү ордо деп аталгандыгын, мына бул төмөнкү белгилердин натыйжасынан байкоого болот.

Элибиздеги баатырдык эпостордун көпчүлүк материалдарынан жоокерчилик турмуштагы согуш жетекчилеринин, баатырларынын, жол башчы акылмандарынын жана башка билермандарынын — эл башына коркунуч түшкөндө, орчундуу окуялар болоордо — өздөрүнчө чогулушуп, кеңеш куруп, далай окуяларды башынан өткөргөн кекселер менен талкуулашып, бир жыйынтыкка келишкенден кийин гана акыркы чечимди элге жарыя кылып элдин талкуусуна койгондугун көрөбүз. Тактап айтканда, «Манас» эпосунда чоң казат учурунда баатырлардын ушундай кеп-кеңешине кошулбай калган баатыр Чубактын намыстануусу, ардануусу мындайча берилет:

Нойгут оён Чубагы,
Кеп-кеңештен калганы.
Ушунчалык кордукпу,
Айтышканда сөздө жок.
Көрүшкөндө кезде жок...[47]

— деп ал өзүн башкалардан кем тутуп, элден чыккандай сезет. Мурун анын кеп-кеңешин, оюн уккандар — эми аны менен эсептешпей калчудай туюлат. Өзү теңдүү билермандардан бөлүнүп, айтышканда сөздө жок болуп, элден чыгып кала тургандыгына кайгырат.

Ал эми «Семетей» эпосунда душман менен болгон узакка созулган согушту токтотуу максатында Семетей өз чоролорун топтоп, жол башчылары менен кеңеш кылып, анан бир жыйынтыкка келишкендиги мындайча берилет. Семетей Үрбүнү Коңурбайга элчиликке жиберип жатып:

«Мындай корунуп жата бербесин, келсин сайышып, кумардан чыгышабы же сүйлөшүп, бүтүшүп тынышалы»,— дейт. Анда Коңурбай да өз абалын баамдап көрүп, уруктарын жыйып, «Семетей менен жарашып журт болушалы, жер сураса да берип тынышалы»[48] — деген жыйынтыкка келет.

Баатырлардын, айыл аксакалдарынын, жол башчылардын дөбөдө же үй ичиндеги ушундай кеңештери, талкуусу, кырдаалдын абалына карата талашып, тартышкандыгы байыркы элдик оюндардын бири упай оюнунда чагылдырылган.

Бул оюндагы эң биринчи көзгө уруна турган нерсе оюндун бардык катышуучуларын (эки же андан ашык) өз катарлары менен ойнолуп жаткан чүкөлөрдү ортого калчап, аны бир нече басымдарга бөлүштүрүп, ар кайсы жерге коюп, кайра чогултуп, бирден атып, көп чүкө

алууга аракет кылгандыгы[49]. Ушул көрүнүш менен «ал оюнчу, жанында отурган башка оюнчуларга (кеңешменин башка катышуучуларына (кырдаалдын талабына жараша өз оюн түшүндүргүсү, калчаган чүкөлөрдү басымдарга бөлүштүрүү менен куралдуу күчтөрдү кандай кылып бөлүштүрүү экендигин, чүкөлөрдү таамайлап так атуу менен «кимди кайсыл жакка жиберүүнүн зарылдыгын, чабуулду кайсыл топтон баштоо ийгиликтүү боло тургандыгын» ж. б. ой-максатын чүкөлөр аркылуу көрсөтүп, айтып, беркилер менен өз оюн бөлүштүргөндүгүн көрөбүз. Ал эми калган оюнчулардын ушул эле тартипте оюнду улантуусу — же өз катарында, бир канча бөлүккө бөлүнгөн чүкөлөрдү бир топко бириктирип, баарын кошуп, оюнчулардын ортосуна чачырата калчап, эң мурун «ханды» атып, андан кийин жайнаган көп чүкөлөрдү өтө кылдаттык менен бирден терип атышкандыгы, кеңешмеге катышкан, ар бир согуш жетекчисин, билермандардын пландарынын канчалык даражада туура экендигин текшергендик, же өз ойлорун аныкташып көрсөткөндүк, ортого, талкууга койгондук болуп эсептелген.

Эгер упай оюнунда согуш жетекчилеринин, айыл аксакалдарынын өздөрүнчө жыйылып, алдыдагы иштерди талкуулагандыгы, талаш-тартыштарды чагылдырган болсо, ал эми ордо оюну аркылуу бул талкуунун жыйынтыгы, тууралыгы эшиктеги көпчүлүккө, жоокерлерге жарыя кылынган, көрсөтүлгөндүгү айтылып, түшүндүрүлгөндүгүн байкайбыз. Упай оюнун үйдөгү ордо деп аталгандыгын биз мына ушул байланыштан, ушул көрүнүштүн негизинен деп түшүнөбүз. Ушинтип үйдөгү ордодо согуштук кырдаал, көч жолу, алык салык ж. б. маселелер талкууланса, анда эшиктеги ордодо биринчиден душман менен боло турган беттешүүлөргө жана ага даярдануулар, машыгуулар, үйрөтүүлөр, жоокерлерге жана бардык эле көпчүлүккө көрсөтүлгөн.

Экинчиден, жарданып тегеректеген, топурап табышмактуу сырды күткөн кара аламан жалпы элге ордо менен кайрылып көрсөтүшүп, айтып, кимдин кайда көчө тургандыгы, жолун, кимдин ким менен боло тургандыгын жайлоо-жайыты, кыштоо конушу бөлүштүрүлүп, түшүндүрүлгөн. Көчмөн уруулардын илгертеден бери карай мекен жайыты болгон аймактардагы байыркы көрүстөндөрдөн табылган көп сандаган чүкөлөр да бир кезде ушул максатта пайдаланылган деп түшүнөбүз. Анткени бул чүкөлөр бардык көрүстөндөрдөн эмес, ай-

рым бир жеке алынган кээ бир жоокерлердин (кол башчылардын) көрүстөндөрүнөн чыккандыгына караганда бул чүкөлөр анын турмушунда колдонулган курал-жарактары, буюмдары сыяктуу эле өзгөчө мааниге ээ болгон. Көп сандаган чүкөлөрдүн көзөлүп жипке тизилгендигине караганда, бул тизгинчектер, көчүп конгондо, чабуулда жүргөндө, же коргонууда турганда дайыма тиги кол башчынын өзү менен кошо болгондугун далилдейт.

Керектүү учурда ал кол башчы өзүнүн жан-жөкөрлөрү, билермандары менен бирдикте көчтүн каякка, кандай болуп көчө тургандыгын, чабуул же коргонуу учурунда жоокерлерди (күчтү) кандай кылып, бөлүштүрүү керек деген сыяктуу маселелерди талкуулаганда тизинчекке тизилген чүкөлөрдү ортого чачыратып калчап, чүкөлөрдү атуу, бөлүштүрүү, кошуу кезектешип калчоо ж. б. ыкмалары менен көрсөтмө курал катары пайдаланышкан. Экинчиден, ал тизинчектер зериккенде ойнолуучу оюн болуп эсептелинген. Биз өзүбүздүн бул оюбузду ырастоо катары, археологиялык табылгалар менен кошо чыккан чүкөлөрдүн магиялык, фетиштик ж. б. максаттар үчүн да колдонуусун жокко чыгарбайбыз.

Байыркы көчмөндөрдүн ат үстүндөгү турмушунда чүкөлөрдүн ушул максатта пайдаланышы жана кийинчерээк бул көрүнүш төлгөчүлөргө, шамандык билүүчүлөргө ж. б. диндик кызмат кылуучулардын кызыкчылыгына өтүп кеткендиги эски үрп-адаттардан байкалат.

Мезгилден мезгил өтүп заман оошуп, мезгил кыйыгында калкып сүзгөн ордо оюну, нечен тоскоолдуктарга урунуп, өзгөрүп, азыркы көрүнүшүндө, азыркы маанисинде биздин күндөргө келип жеткен, мээримдүү заманыбыздын бейпил турмушунда эриш-аркак болгон ордо оюнунун жана элдик оюн-шооктордун азыркы көрүнүшүндө, азыркы маанисинде дагы көп учурлардын, көп муундарына эрмек болуп кала бермекчи. Дүйнө элдеринин эч биринде кездешпеген бул оюндан, биз өз элибиздин көп кырдуу турмушун, тарыхын көрөбүз[50]. Тактап айтканда бул эмгекте ордо жана башка элдик оюндардын ички сырларын, мезгил катмарларына жашынып көрүнбөй калган, алардын алгачкы келип чыгуу булактарын, окурмандарга ачып көрсөтүүгө аракет жасалды. Элдик оюндардын бизге келип жеткен азыркы ойноо эрежелери, илгерки мезгилдерге караганда аздыркөптүр өзгөргөндүгү ал мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Албетте, элдик оюндардын бардык түрлөрүнө, бөлүнүштөрүнө токтолбостон анын бир гана көрүнүшүнө, жоокердик турмуштан келип чыккан оюндарга, анын ичинен эл-жерди коргоо маселесиндеги оюндардын негизги биримдигин түзгөн ордо оюнуна өзгөчө кенен токтолдук. Ошондой эле бул эмгегибизде ордо деген терминди таржымалдоо менен бул оюнда жана башка элдик оюндарда чагылдырылган бир топ көрүнүштөргө көңүл бурдук. Ошентип:

1. Ордо оюнунун алгачкы келип чыгуу булагы: ал байыркы мергендердин жерге чийген чийини, ушул жерде жасаган ритуалдык кыймыл-аракеттери, ишенимдери, бири бирине карата жасаган жаңсоолору, көрсөтүп үйрөтүүлөрү.

2. Биз сөз кылган оюндар кийинки шартка карата өзгөрүлгөн, өрчүгөн көрүнүш: ал, жоокердик турмуштагы карама-каршылыктардын, келишпестиктердин негизинде пайда болгон деген ойдобуз. Себеби жоокерчиликтин кыйын кезеңиндеги катаалчылык күндөрдөгү зор талап эл жерди коргоо талабы болгондуктан, бул оюндарда ушул мезгилдин элеси көрсөтүлгөн.

Оюндарда сырткы басып алуучуларга каршы күрөшүүдөгү согуштук өнөрлөргө үйрөнүүнүн, машыгуунун, кээ бир жактары, өзгөчө көрүнүштөрү чагылдырылган. Бул учурда байыркы мергендердин «коргон» чийиндери кандайдыр бир аймактын схемасын түшүргөн чекитти көрсөтүп, оюндун жүрүшү менен андагы боло турган окуяны баяндаган.

3. Айрыкча ордо оюнунан орун алган жоокерчилик мезгилдеги карама-каршы көрүнүштөр, патриархалдык-феодалдык коомдогу таптык келишпестиктерден келип чыккан мамилелери да, ордо оюнундагы «хан» жана чүкөлөр менен турмушта хан баштаган эзүүчүлөрдү жоюуга карата жүргүзүлгөн эмгекчил элдин күрөшүү мүдөөсү, ой-максаты, аракети көрсөтүлгөн.

Революцияга чейин элибиздин тарыхы атайы жыйынтыкталып изилденип, кагаз бетине түшпөгөн, жазылбаган. Бирок, элибиздин миң жылдап сыналган зор тарыхы, ой-максаты, мүдөөсү тээ кылымдар катмарынан бери кымындайдан жыйналып, элдин эсинде сакталып келе жаткандыгы жана алардын дүйнөдө теңдеши жок «Манастай» эпопеяда унутулбай айтылып калгандыгы биз үчүн зор сыймык.

## ТОГУЗ КОРГООЛ — БАЙЫРКЫ КӨЧМӨНДӨРДҮН КӨӨНӨРБӨС ЭСТЕЛИГИ

Бизди курчап турган жаратылыш тоо-таштардан, мейкин талаалардан, адырлардан жана башка толгон-токой көрүнүштөрдөн тура тургандыгын бала кезден баштап эле көрүп, аларды түшүнө баштайбыз.

Жаратылыштын ушул бүтүмдүгүн түзүп, анын бир бөлүгү болуп турган тарыхтын кээ бир эстеликтерин ошол көрүнүштөр катары, көнүмүш адат боюнча биз кайдыгер караган учурлар болот. Албетте, бул эстеликтердин көпчүлүгү мезгил катмарларын аралап, бизге жеткенге чейин далай өзгөрүүлөргө учурап, урандыга айланып жок болуп, билинбей да калышкан. Ушундай байыркы эстеликтердин катарына таш бетиндеги чегилген сүрөттөрдү, чийимдерди жана жазууларды да кошууга болот.

Байыркы адамдар тарабынан таш бетине чегилген көп сюжеттүү мындай сүрөттөр кыргыз жергесинде ондоп, миңдеп саналат. Башканы айтпаганда деле Көк-Арт ашуусундагы дүйнөгө атагы чыккан Саймалы-Таш сүрөт галлереясы. Улар-Төр өрөөнүндөгү Чаар-Таш жана Ысык-Көл өрөөнүндөгү таш сүрөттөрдүн чогундуларын айтууга болот. Ушул сүрөттөрдүн бирине окшобогон ташка чегилген көрүнүштү биз 1980-жылы Фергана тоо кыркасынын түштүк жагындагы Төө-Жайлоо тоосунан жолуктурдук. Ал кыргыз элине байыртадан белгилүү болгон тогуз коргоол оюнунун ташка чегилген жалпы көрүнүшү эле. Биз, бул оюндун «уя», «үй», «казан» деп аталган чуңкурларынан атайылап даярдалган тактай бетине белгилүү бир тартип менен оюп жасала тургандыгын жана ал чуңкурчаларга белгилүү сандагы кумалактарды өз ирети менен эсептеп алуу жана чогултуу ыкмасы менен эки кишинин бирине бири карама-каршы болуп ойной тургандыгын билүүчүбүз. Азыркыга чейин эл ичинде ойнолуп, ооздон оозго, айтылып келе жаткандыгы маалим.

Ал эми мурунку муундардын бул оюнду таш бетине чегип, ошол жерде оюн болгондугун, же аны бир жашырын ойду түшүндүрүүгө көрсөтмө курал катары пайдалангандыгы жөнүндөгү маалымат эч бир жерде келтирилген эмес. Ошондуктан, биз бул эмгегибизде таш бетиндеги тогуз коргоол оюнунун жалпы сырткы көрүнүшү кандай экендигине жана анын кайсыл жерден орун алгандыгына токтолмокчубуз. Ошондой эле

айрым бир маалыматтардын негизинде таянып оюндун качан жана эмнеден пайда болгондугу тууралуу өзүбүздүн ой-пикирибизди, божомолдоолорубузду окурмандар менен бөлүшмөкчүбүз.

Кыргызстандагы электр энергиясын иштеп чыгуунун борбору болгон тоо ичиндеги Кара-Көл шаарын азыркы учурда кимдер билбейт. Ал бир караган кишиге, туш тарабынан бийик аскалуу тоолор менен курчалып аска бооруна этияттап кынаштырып салынган бүркүт уясына окшоп кетет. Ушул уядай болгон чакан шаардын айланасындагы тоолордун коюн-колтугунда те илгертеден бери нечен сырлар жаткандыгы азыркы учурда гана ачылып, көпчүлүккө белгилүү боло баштады. Ушундай сырлардын бири бул өрөөндөгү байыркы адамдарга таандык болгон эстеликтер. Тоо кыркасынын жер шартына ылайыктуу бул жерде байыркыдан бери карай көчмөндөр мал багып, ошого жараша өздөрүнүн маданиятын түзгөндүгүн жана өркүндөткөндүгүн белгилүү окумуштуу И. К. Кожомбердиевдин жетекчилиги менен ушул аймакта жүргүзгөн археологиялык казуулары ырастады. Мындай эстеликтер азыркы Кара-Көл шаарынын ордунан жана Көк-Бел ашуусунун эңкейишиндеги Кара-Суу өрөөнүндө, Беке-Чал капчыгайларында байыркы дөбөлөрдү казуу учурунда табылган. Алардын дээрлик бардыгы биздин заманга чейинки VII—I кылымдарда жашап өтүшкөн Сак, Усун, Гундар деп аталган көчмөн урууларга таандык болгон маданияты чагылдырылат. Мурунку жана кийинки орто кылымдарга таандык болгон жез, коло, темир кен байлыктарын иштетүүдөгү айрым эстеликтер да жок эмес. Буга Ыспы тоосундагы «Куру-Абай» жез кенин иштетүүдөн калган кээ бир таштанды калдыктарды айтууга болот. Байыркы адамдар баш баанек кылган Кызыл-Үңкүр, «Чоң-Үңкүр, Кара-Үңкүр жана башка үңкүрлөр бул тоолордон көп эле учурайт.

Булардын баары азыркы учурда изилденип, жана келечекки изилдөөчүлөрдү күтүп жатат. Мына ушулардын ичинен бизди таш бетиндеги тогуз коргоол оюнунун көрүнүшү кызыктырбай койбойт. Ал Кара-Көл шаарынын түндүк-чыгыш жагынан орун алган ак аскалуу борчук таштардан турган Төө-Жайлоо тоосунун бүтүшүндөгү жапыс мойноктун дал кырынан орун алган. Бул жер Тепши-Конуштун, же Сандык-Конуштун бели делинет. Тектир-тектир болуп бөлүнгөн бул жайык конуштарды аралап жылаандай ийрилген ичке жол ба-

йыркы көчмөндөрдүн ушул кезге чейинки жашаган адамзаттын, жаныбарлардын басып өткөн издеринин белгиси катары, кылымдардын өчпөс тагын элестетет. Ойрума болуп улам жогорулаган жолдун ар бир кайрылышында кынаштырылып тизилген таштардын бекемдигин чыңдоо үчүн алардын арасына атайын аркытерки ташталган арча бутактарынын чириндилери, бул жолдун далай кылымдарды карыткандыгынын күбөсү болуп көрүнөт. Жол улам өйдөлөп отуруп, кайкыдагы чегилген ташка да алып келет.

«Мына ушул жерде» — деп камчысы менен тиги ак борчук таштарды көрсөтүп, бизди баштап барган Жүзүжан карыя аттан түшүп жатып. Биз чынында алгач эч кандай чийинди же сүрөттү көрө албай: — Кана, кайсыл жерде? — деп ар бир таштын бетин үңүлүп карап жаттык. «Оо, шашпай тургула, азыр көрөсүңөр. Анын бетин турпак басып, чөп, чым гана өсмөк түгүл таштын жаракаларына караган шак, арча да өсүп кеткен тура — деп өзүнчө кобурады ал киши кайкыдагы кыр таштын ээрдей болгон жайык бетиндеги бутак шакты ары түртүп — мына, ушул жерди тазаласаңар көрүнөт»,— деди.

Биз карыянын көрсөтүүсү менен жер бетинен бир топ жогору көтөрүлүп турган түптүү ак борчуктун бетиндеги чөптөрдү жулуп, топурагын тазалап бүткөнүбүздө биздин көз алдыбызда эми бири-биринен бирдей алыстыкта ташка катар оюлуп жайгаштырылган майда оюктар эллипс формасын түзүп, анын ортосунда эки чоң оюк дапдаана көрүнүп турду. Эллипс айланасын түзгөн оюктардын жалпы саны 18 болуп, эллипстин бир жак айланасын түзгөн катар оюктардын саны тогуз, экинчи жагындагы оюктар да тогуз, алардын ортосунда эллипстин бардык жагына бирдей болуп эки чоң оюк жайгаштырылган. Эллипстин сырткы жалпы көлөмү диаметри 40—50 см., ар бир оюкчанын (уянын) көлөмү: 3,5—8 см, алардын катар аралыктары 2 см. ал эми ички чоң оюктардын (казандын) ар биринин диаметри 9 см. аралыгы 9 см. Ар бир чуңкурчанын тереңдиги 1,5—2 см. болуп оюлган. Ушинтип биздин көз алдыбызда кадимки эле кыргыз элиндеги тогуз коргоолдун ташка чегилген уялары, казандары, жалпы көрүнүшү даана тартылып турду. Бул көрүнүштүн дагы бир өзгөчөлүгү, эллипс айланасын тегерете эки жагы иймек кесилген айлана сызыгы ташка оюлган катар чуңкурчалар менен чегилип көрсөтүлгөн. Жалпы диаметри — 65, 75 см.

Бул сырткы көрүнүш биздин оюбузча тогуз коргоол оюнунун тактасынын бизге белгисиз болгон сырткы формасынын жалпы көрүнүшүнө окшошпойт. Эгер бул көрүнүш чын эле бизге белгисиз тогуз коргоолдун тактайынын сырткы формасы болсо, анда анын каптал кыры азыркы тактайдын сырткы кырындай түз, тик бурчтук формасында тегиз кесилип гана жөн коюлбастан, анын формасын түзгөн каптал кыры бүтүндөй атайын оюлуп жасалган уялар менен тегерете толтурулуп жасалган болуп көрүнөт. Мындагы уялардын ушул көрүнүшүндө коөздук үчүнбү, же ойнолгон кумалактарды атыш үчүнбү, деги не себептен жасалгандыгын азырынча айтуу кыйын. Тогуз коргоолдун тактайы чегилген тигил аска таш азыр үчкө бөлүнүп, алардын беттеринде атайын оюлуп чегилген сызыктардын бөлүктөрү да калып калган. Аска таш илгерки убактарда эле жарылса керек, себеби жарыктын ичине кум, топурак толуп, чөп өсүп, жарыктын бети жылмаланып, тегеректеги таштардын сырткы көрүнүшү менен бирдей болуп калган.

Жетимишке келген Жүзүжан карыянын айтуусуна караганда, тигил оюк таштар анын бала кезинде көргөнүндөй эле калыбында өзгөрүүсүз сакталган. Ал кишинин атасы Эсенбай карыя 87 жашка чыгып, 1920-ж. каза болгон. Карыянын өз учурунда баласына айткан сөздөрүнө караганда тигил чегилген таштын тегерегинде көбүнчө айыл аксакалдары чогулушчу, эл ичинде, айыл арасында болуп жаткан иштер жөнүндө талкуулашчу экен. Ушул жердик кээ бир айыл аксакалдарынын айтымына караганда да эл кыштоодон жайлоого, жайлоодон кыштоого көчкөндө бул жерге дайыма токтоп, жаматташып конушуп, тынышып, анан көчүшүүчү экен. Ошондо аксакалдар чогулушуп кимдин кайсы жакка көчө тургандыгы, жана жайлоосу жөнүндөгү маселелерди да чечишүүчү эле дешет карыялар. Бул маалыматтарга караганда ташка чегилген жогорку чийин көрүнүштөр XIX кылымдан мурда эле болгондугун далилдейт. Азыркы учурда кимдир бирөө зерикkенинен чеккен болуш керек деген божомолдоону жокко чыгарат. Деги тогуз коргоол оюну качан пайда болгон? Бул суроого кесе так жооп берүү азыр кыйын. Бирок тогуз коргоол оюнунун кээ бир көрүнүштөрүн байыркы көчмөн уруулардын (сак, усун) бул жердеги айрым бир эстеликтеринен жолуктурууга болот. Башкача айтканда, мүйүздөн сөөктөн жана жыгачтан жонулуп жасалган майда кумалактардын калдыктарын, оюндун ташка чегилген

жалпы формасына окшотуп түшүрүлгөн «сирке септи», «бермет басты», «карек какты» ыкмаларында эң жогорку чеберчилик менен жасалган алтын азем буюмдарынын калдыктарынан көрүүгө болот. Мындай буюмдар ар кандай убактарда, Кыргызстандын Кетмен-Төбө, Чүй өрөөндөрүнөн жана Борбордук Азия, Казакстан, Афганстандын кенен аймактарынан көп табылган. Алар көбүнчө шакек, сөйкө, ат жабдык ж. б. асем буюмдарга ар кандай көрүнүштөр менен кооздук үчүн оюм-чийим болуп түшүрүлгөн. Оюндун айрым бир көрүнүштөрүн ташка чегилген сүрөттөрдөн жана чийимдерден да жолуктурууга болот. Мисалы Жамбул областындагы Бурым тоосунун зоокаларына чегилген тогуз кумалактын тактайындагы уяларды элестеткен чийимдер казак археологдору тарабынан табылган. Дегинкисин айтканда бүтүн же жарым айлана жана эллипс көрүнүшүндө кандайдыр бир нерсени тизип же катар коюп коюу менен кооздуктарды жасоо ыкмалары тээ байыртадан бери эле белгилүү. Ал эми ушул көрүнүштөр менен ошол илгерки эл кандай ойду жана максатты бергиси келгендиги ушул кезге чейин белгисиз. Ал адегенде эле оюн болуп тараганбы, же алгач башка да өзүнчө бир функцияны аткарганбы деген суроо туулат. Бул макалада маселенин ушул жагдайына да токтолмокчубуз. Анткени, биз үчүн азыр көңүл ачып эрмектелинген көп нерселер жөн гана тамаша катары сезилген менен өз учурунда турмуштагы кээ бир көрүнүштөрдү чагылдырып көрсөтүүдө өзгөчө мааниге ээ болгон. Мисалы, байыркы жана орто кылымдардагы авторлор кагаз бетине биринчи жолу жер бетинин түзүлүшүн жана көрүнүшүн чагылдырган эмгектеринде, карталарында же жөнөкөй тегерек чийин, же бүтүн айлана түрүндө берилгендиги белгилүү. Алардын ичине майда тегерекчелер коюлуп, ага жанаша ошол белгилүү территорияда жашаган элдердин же уруулардын аттары жазылып коюлган. Ушул принцип менен X—XI кылымдарда эле чыгыш авторлорунан Ал-Идрисинин, Махмуд Кашгаринин жана башка окумуштуулардын карталары түзүлгөн. Жер бетинин жөнөкөй тегерекчелер менен белгилеп көрсөтүү ташка чегилген байыркы эстеликтерден да белгилүү. Ушуга окшогон көп тарыхый эстеликтер менен байланыштырганда ташка чегилген тогуз коргоол оюнунун ички жана тышкы «уялары» аркалуу кандайдыр бир элдердин же топтордун ээлеген белгилүү орундары чектелип көрсөтүлгөн деген ойдобуз. Мына ушул учурда

гана жогоруда айтылган айыл аксакалдары, эл чогулуучу жердеги ташка чегилген, же тактай бетине оюлуп жасалган белгилүү бир территорияны билдирүүчү уяларга кумалактарды бөлүштүрүп салуу менен кимдин каякка, кайсы жерге көчө тургандыгын, кимдин кимдерге кошулуусун туюнтушкан. Жайлоо — жайыты, кыштоо конушу талашка түшүп, эрегиш башталганда айыл аксакалдары чогулушуп ошол жерлерди билдирүүчү уяларга өз белгилери коюлган чекти таштатышкан. Чек кайсы уяга түшсө, белгилүү бир айыл, же уруу тобу ошол уяларда белгиленген жакка көчүүгө аргасыз болушкан. Ушинтип ар бир топ, аксакалдардын кеңешинде чечилген жакка көчүп, жыл мезгилинин белгилүү бир учуруна чейин ошол жердин жайытына мал багып, конушуна конуп, чарбасын жүргүзүшкөн. Качан гана жердин чөбү түгөнүп, мал жайытка токтобой калганда аргасыздан журт которуштуруп дагы көчүүгө туура келген. Аларга тийиштүү аймактан башка жакка, алыска көчүшкөндө аксакалдар жана билермандар дагы чогулушуп, көчүү тартибин талкуулашып, чечишип, анан жамаатташып бири бирине кошулуп, көбөйүшүп көчүшкөн. Минтип жамаатташып көчүү биринчиден, башкалардын талоончулугунан сактаса, экинчиден, башкалар үчүн майтарылгыс күчтү элестеткен. Айрыкча көч учурунда экинчи топтун көчүнө кол салып, көчүн талкалап, талап кеткен көрүнүштөр байыркы көчмөн турмушта көп кайталанып, көнүмүш адатка айланган. Көчүүнүн бул багыттагы кээ бир көрүнүштөрү жана алардын согуштук айрым тактикалык элементтери тогуз коргоол оюнунун кумалактарын бир уядан экинчи уяга салыштырып ойноо тартибинде ачык чагылдырылган. Мисалы, оюндун тартиби боюнча биринчи көчө баштаган оюнчу, бир үйдүн өзүнө кумалак калтырып, сегиз кумалак алат да, оң жагынан айлантып, ар бир үйгө бирден кумалак салат. Эгер анын атаандашынын үйүнө акыркы кумалагынан кийин ал үйдөгү кумалактар жуп болуп калса, андагы кумалактын баарын көчмөн киши алып, өз казанына салып алат[51].

Бул жерде көңүл бура турган нерсе оюн учурунда көчкөн кишинин акыркы кумалагынын атаандашынын кайсы бир үйдөгү так кумалактарга кошулуп жуп болуп калышы жана аларды «көчкөн» киши өз «казанына» салып, өз кумалактарына кошуп алуусу, башкача айтканда, чабуулга өткөн жак өзүнүн артын (тылды) бекемдеп бириндеген элдерин чогултуп бири бирине ко-

шуп жупташтырып, ынтымакташтырып, бузулгус кылып чындап коюп, андан кийин гана белгилүү багытка чабуулга өтүп, каршы жактын негизги элинен бөлүнүп, башка көчкөн, же жалгыз-жарым так калган кээ бир уруулардын аз бөлүгүн, же алардын бир топ үй-бүлөлөрүн күч менен каратып, өздөрүнө кошуп алган байыркы жана орто кылымдардагы көчмөн элдердин мүнөзүн көрсөткөндөй болот. Чабуулга өтүүчү жак чабуулга өткөндөрүндө каршы жагынын күчтөрү кандай жайгаштырылгандыгын, ээлеген орундардын күчтүү жана начар жерлерин күн мурунтан чалгындоо жолу менен билген, андан кийин гана чабуулга өткөн, же көчкөн. Бул көрүнүш тогуз коргоол оюнунда атаандаштардын бири бирине берген суроо-жооптору менен көрсөтүлгөн. Мисалы, «Оюнчу көчөр алдында атаандаштарынын үйү жөнүндө суроо бере алат. Мисалы, 2-үйдө канча кумалак бар, 7-үйгө жол ачыкпы, же жабыкпы деген суроо бере алат, анткени — жуп кумалак болсо,— жабык, так кумалак болсо, ачык дегени. Атаандашы оюнчунун бул суроолоруна туура жооп бериши керек»[52]. Бул жерде көңүл бура турган дагы бир негизги нерсе коргонуучу жактын «кайсы бир үйүндө жуп кумалак болсо — жол жабык, так кумалак болсо жол ачык»,— деген маалымат. Башкача айтканда, чабуулдагы жак карама каршы жактын күчтүү жагынан буйтап өтүп, анын күчсүз начар жерине сокку бере тургандыгы. Бул биринчиден болсо, экинчиден күчтүү оюнчулар атаандашынын жана өзүнүн жүрүү жолдорун толук эсептеп чыгып, каршы жагынын кайсыл үйгө келгенде анын кумалактарынын так болуп кала тургандыгын болжоп билип, ошого карата ал «үйдө» аз сандагы кумалактарын калтырып, (аны атаандашына бериш үчүн атайылап алаксытып) ал эми өзү көчкөндө болсо кайсы көчтөн кийин атаандашынын кайсыл «үйүнөн» көп кумалак ала тургандыгын алдын ала билип ошого карата көчөт. Оюндун мындай ыкмасы жеңишке жетүүдөгү негизги туура чечүүнүн жолдорунун бири. Ал эми турмушта болсо бул көрүнүш бири бирин аңдыган карама каршы жактардын, ар биринин кыймыл-аракеттерине көз салышып, алардын кайсыл жактан, кандай учурда, кайсы жакка келе тургандыгын, жортуулга чыккандыгын, же кайсыл бир жакка көчкөндүгүн чалгындап билип турушкан. Ошондон кийин гана күтүүсүздөн сокку уруп (же аз күчүн жумшап каршы жактын негизги күчүн алаксытып, аны эл-жеринен алаксытып, артынан, тылдан ча-

буулга өтүп) курчоого алуу менен жеңишке жетүү, бул көчмөндөрдүн байыркы замандан бери иштелип чыккан эң негизги тактикалык көрүнүштөрүнүн бири болгон. Ушул принциптин негизинде түзүлгөн тогуз коргоол оюну, атаандаштардын ар биринин ойноодогу чебер искусствону, логикалык ой жүгүртүүнү, так эсептөөнү, жыйнактуулукту, чечкиндүүлүктү талап кылары шексиз. Мына ошондуктан бул оюн жаштарды, адам баласындагы жогоркудай (ой жүгүртүүдөгү) жакшы сапаттарга тарбиялоодо бирден бир негизги көрсөтмө. Бул жагынан алып караганда да жана чабуулга өтүү, коргонуу тактикаларын салыштырганда да тогуз коргоол оюну бүткүл дүйнөгө тараган шахмат оюнуна абдан эле окшоп, анын жүрүштөрүнүн көп жактуу тартиптерин кайталагандай көрүнөт. Дагы окшоштук шахмат оюнунда да жана тогуз коргоолдо да башкалардан айырмаланган өзгөчө фигура жана уя бар. Ал «король» жана «туз». Шахмат оюнунда король фигуралардын дал ортосунда жайгаштырылат. Ал эми тогуз коргоолдо «туз» деп аталган «уя» оюнчунун өзүнө ыңгайлуу шарт түзүп, атаандашынын жүрүшүнө тоскоол кыла турган атайын бир уя тандалып алынат да «ага үч кумалак салынганда тузум деп айтат» жана «бул уяга түшкөн кумалактарды оюнчу өз казанына салып ала берет»[51] (көрсөтүлгөн эмгектин 118-бетинде). Башкача айтканда «туздун» дайыма белгилүү бир «уяда» шахмат оюнундагы «королдой» болуп жайгашышы мүмкүн эмес. Ал көчтүн ыңгайына карата «четки уяларга эмес (1 жана 9 уяга), ал ортоңку уялардын бирине жайгаштырылат»[53]. Шахматта да жана тогуз коргоолдо да «король» менен «туздун» так ортого жайгашуусундагы себеби алардын дайыма өз жакындарынын курчоосунда болуп, душман соккусунан аман калуудагы бирден бир негизги ыкманы чагылдыргандыгы. Минтип алардын орточо жайгашуусунун өзүнчө себеби бар. Анткени алар көчкөндө көч алдында, конгондо суу башында, жайыттын жакшысында деги эле бардык учурда эл алдында, эл ортосунда боло тургандыгы дайыма кайталангандыктан «туздун» ортодо болушу көнүмүш адатка айланып, өзүнчө салт болуп калган. Мына ошондуктан, «король» жана «туз» дайыма эл курчоосунда, эл калканында болууга аракеттенишкен. Шахматты жана тогуз коргоолду ойлоп тапкан байыркы эл «тигилердин» орундарын ушинтип ортого жайгаштырышынын себептери да мына ушул жагдайдын негизинен келип чыккан. Бул эки оюнда тең

тигил «билермандардын» өз ара бири-бири менен жана эл менен болгон мамилелери да чагылдырылган. Чындыгында оюндардын жалпы жүрүшү негизинен мына ушул тээ байыртан бери келе жаткан карама каршылыктардын жана карама-каршы мамиледен келип чыккандыгы бышык. Тогуз коргоол оюну шахмат оюнунан дагы бир айырмачылыгы мындай. Шахматта да ар бир фигуранын өзүнө таандык аты, жүрө турган жолу жана алардын белгилүү гана клеткалар арасында чабуулга өтүп, же коргонуп, беттешүүнүн андан аркы жыйынтыгына өз таасирлерин тийгизсе, тогуз коргоолдо такыр башкача, мында ар бир кумалактын өзүнчө аты жок. Болгону 162 кумалактан турган жалпы сандан башка. Оюн учурунда кумалактар экиге бөлүнүп, уяларга бөлүштүрүп салуу ыкмасы менен гана оюн жүргүзүлөт. Бул жагынан алып караганда тогуз коргоол оюну шахматтын белгилүү жүрүштөрү менен ойноого караганда бир канча татаал. Анткени, бир уядагы кумалактын санын эсте сактап (атаандашынын да) так эсеп жүргүзүп, канча кумалакты кайсы уяга салганда оюнчуга пайда боло тургандыгын билип, ошого карата ойноо керек. Күчтүү оюнчулардын беш сааттан ашык убакытка чейин жеңише албагандыгы да оюндун өзгөчө татаалдыгынан келип чыккан болуу керек. Тогуз коргоолдун жүрүш жолдорунун эрежелери шахмат оюнундагыдай болуп ирээтке келтирип такталбагандыгы, илгерки көчмөн турмуштун баш аламан жактарын чагылтып көрсөтүү менен ошого ылайыкталып түзүлгөндүгүн көрүүгө болот. Бул жагдай боюнча караганда тогуз коргоол оюну шахматтын кийинки мамлекеттик түзүлүштөгү абалды согуштук тартипти чагылдыргандыгына салыштырмалуу, ал мурунку көчмөн турмушка ылайыкталып түзүлүп, ошол мезгилдин көрүнүшүн чагылдырат. Ал эми бул оюндун ушул кезге чейин сакталып калгандыгынын себеби кыргыз элинин көчмөн турмушта көп кылымдар бою болуп, кийинки учурларга дейре жашап келгендиги менен түшүндүрүүгө болот. Албетте, оюндун көп жактары, далай сырлары мурунтан бери унутулбай сакталып калган деп айтуу кыйын. Азыркы көрүнүшүнө караганда оюндун көп жагы унутулган. Мисалы, тогуз коргоол оюнунда ар бир «уянын» өзүнчө аттары бар: ооз; 2 — текилдек үй: 3 — ат өтпөс: 4 — жаман үй; 5 — бел үй; 6 — далы; 7 — эки тиш үй; 8 — көк моюн; 9 — куйрук үй[54]. Бирок бул аттардын неликтен аталгандыгы жана алардын мааниси жогорку көрсөтүлгөн китепчеде

түшүндүрүлбөгөн. Биздин оюбузча, бул аттар кийинки учурларда эле малчылар тарабынан коюлган болуу керек. Алардын мурунку аттары кайсы бир элдин, же уруунун, топтун жана алар ээлеген жер-суулардын энчилүү аттары менен аталышы мүмкүн болучу. Ошого карата, же азыркы «уялардын» аталышына карата кумалактар бөлүштүрүлүп, анан ар бир аталыштын өзүнүн маанисине жана талабына карата оюн улантылса, беттешүү азыркыдан да кызыктуу болмок. Бирок, жылдар өтүп, оюндун көп кызыктуу жактары кап-качан унутулуп, элдер да оошуп, жер которуштуруп, алардын ордуна башка аттагы элдер келип, ал жерлерге өз тилиндеги аттарды берүү менен тогуз коргоолдогу уялардын да аттары өзгөрбөй койгон эмес. Бирок, мезгилдин кайсыл учуруна туш келсе да бул оюн өзүнүн эң негизги маанисин жоготпой алып калган. Ал бир эл менен экинчи элдин мамилесин, алардын тагдырын ойлоштурууга үндөө. Албетте, бул суроо илгертеден бери эле далайлардын башын катырган ыйык нерсе болгондуктан, бул маселени туура чечип, ага туура жетекчилик кылуу ар бир эле жетекчилердин колунан келе бербейт. Ошондуктан тогуз коргоол оюнунун тактайындагы уяларга кумалактарды эсептеп салыштыруу жана бөлүштүрүү ыкмасы менен алар, жаш муундарды эл тагдырын ойлоого жана өз эл-жерин билүүгө үйрөткөн. Эл бириккенде, же бөлүнүшүп чабышканда, ал эмнеге алып келе тургандыгын эскертүүдө бул оюн негизги көрсөтмө курал катары кызмат кылган.

Мындан башка дагы ушул кичинекей тайпак тактай үстүндө кумалактарды куюлтуп саноо жана кошуу, кемитүү, бөлүштүрүү жолдору менен илгерки ата-бабаларыбыз жаш жеткинчектерди эң алгачкы эсептин жөнөкөй амалдарына үйрөтүп, канчага канчаны кошкондо жана алганда, же бөлгөндө эмне боло тургандыгын айтуу менен кумалактарды санап, көрсөтүп түшүндүрүүдө тогуз коргоол оюнунун көрсөтмө курал катарындагы мааниси да чоң болгон. Албетте, илгери жалаң мал менен көчүп-конуп, жан багышкан көчмөндөр үчүн, айрыкча алардын балдары үчүн эң биринчи эсептин жөнөкөй амалдарын билүү жана аларды өздөштүрүү турмуштагы абдан керектүү зарылчылыктан келип чыккан. Анткени, колундагы аздыр-көптүр малдын санын билип, жогун жоктоо ар бир көчмөндүн күнүмдүк турмушунан бөлүп алгыс негизги көрүнүштөрдүн бүтүн бirимдигин түзгөн.

Көчмөн турмушта эсепти гана билүү жана аны өздөштүрүү сөзсүз түрдө жетишсиз болгон. Ошондуктан, бир жерден орун алып отурганда — конуш жайытын, көчкөндө көчтүн багытын билүү, жан жактагы коңшулаш эл-жерге карата жактардын бөлүнүштөрүн, аларга чейинки жана кыштоодон жайлоого, үйдөн жайытка чейинки аралыктарды болжолдуу түрдө болсо да билип, эсте сактап жүрүүдө турмуштагы эң керектүү зарыл нерсе болгон. Бул багыттагы маселелерди чечмелөөдө да тогуз коргоолдун кумалактарын «уяларга» бөлүштүрүп көчүү менен түшүндүрсө болот. Айталык, ар бир уяга өзүнчө энчилүү ат берип, же номер коюу жолу менен түшүндүргөндө, мисалы, эгер биз эң четки № 1 үйдөн көчүп 4 үйгө келсек, анда 1, 2, 3, үйлөр биздин кайсы жагыбызда калат? Мындай болгондо № 5, 6, 7, 8, 9 үйлөр биздин кайсы жагыбызда болот? Эгер № 4 үй менен № 5 үйдүн аралыгы бир ат чабым болсо, анда № 4 үй менен № 9 үйдүн ортосундагы аралык канча ат чабым болууга тийиш жана башка суроо-жооп илгерки заманда гана эмес, азыркы учурда да башталгыч класстардын математика сабагында жөнөкөй амалдарды жана жактарды, багыттарды, аралыктарды түшүндүрүүдө тогуз коргоол оюнун балдарга ойнотуу менен көрсөтмө курал катары пайдаланышса жаман болбос эле деген ойдобуз. Себеби, биринчиден, балдардын сабакты өздөштүрүүсү жакшырса, экинчиден, мектеп босогосунан баштап жаш өспүрүмдөрдүн элдик оюндун түрлөрү жөнүндөгү түшүнүгү кеңейип, аларга болгон кызыгуусу артмак. Үчүнчүдөн, азыркы күндө унутулуп, жоголуп бара жаткан элдик оюндардын көп түрлөрү эл ичине кенен таралат эле.

Ушинтип тогуз коргоол оюну байыркы көчмөндөрдүн күндөлүк турмушунан, жашоо тиричилигинен бирибири менен болгон маанисинен, айлана чөйрөгө, дүйнөгө, деги жашоого болгон көз карашынан келип чыккан деген ойдобуз. Мезгил менен бирге оюндун көп жактары алгачкы көрүнүшү жана биринчи максаты куткарылып, ал учурдан үздүк-создук кабар берип, анан азыркы оюн түрүндөгү көрүнүшү гана бизге келип жеткен. Оюндун азыркы тогуз коргоол болуп аталышы да кийинки мезгилдерде анын көрүнүшүнө карата айтылып калган болуу керек. Себеби, түрк тилдеринде тогуз деген сан бир санды гана эмес, көп сандардын жыйындысын түшүндүрөөрү мына бул терминдерден да байкалат. Мисалы, «тогуздап мал айдап», «тогуздап салык са-

лып», «тогуздап торко кийип»,— деген сыяктуу сөздөр бир кездеги малдын, салыктын, кийимдин ж. б. нерселердин жалпы көптүк санын, эбегейсиз көптүгүн билдиргендей көрүнөт. Маселени ушул жагдайда алып караганда, коргоол деген термин оюн учурунда койдун катып калган коргоолун уяга салып ойногондуктан, келип чыккан — деген кээ бир изилдөөчүлөрдүн пикири туура эмес[55]. Койдун коргоолунан башка деле айланада жыгач, сөөк, мүйүз, акак таш ж. б. материалдар толуп жатканда, койдун коргоолун короодон терип колун булгап, катырып, сактап ойноонун кандай кажети бар... Андан көрө жогоруда көрсөтүлгөн материалдардан койдун коргоолундай кичине болуп, жонулуп жасаган томолок чакан шарикчелер болгондуктан коргоол болуп аталып калган десе акылга сыярлык болмок.

Жалпы эле тогуз коргоол оюну боюнча биз оюбузду жыйынтыктап айтарыбыз, бул оюн байыркы көчмөндөрдөн ушул заманга чейин сакталып калган, алардын баа жеткис эстелиги[56]. Ушундай эстеликтин биздин элде болуп, элибизде гана сакталып калгандыгы, бизди кубантып, сыймыктантпай койбойт. Бирок бул оюндун унутулган көп жактары али толукталынып, мурунку бир кездеги шахмат оюнундагы калыбына дагы да болсо келе электигин моюнга алуубуз керек. Ошондуктан, көчмөн турмуштун көп сырларын көрүп калган эски карыяларыбыз али да болсо арабызда бар. Колдон келишинче ошолордон оюндун азыркы эрежесине кирбей калган жактары болсо аны толуктап (жүрүштүн, «уялардын», кумалактардын мүмкүн ар бирине таандык болгон энчилүү аттары болсо да), аларды тактап калсак, маданий дөөлөтүбүзгө баалуу салым кошкон болор элек.

Ошентип, бизге мурас болуп калган байыркы көчмөндөрдүн шахмат оюнунун көп жактарын кымындайдан (болгон маалыматтардын ичинен иргеп) жыйнап, көчмөн турмушта колдонулган шахмат оюнун калыбына келтирсек кандай сонун болор эле. Ошондо тогуз коргоол оюнунун кызыктуулугу дагы артып, бирин-серин оюн билген адамдардын гана эмес, ар бир үй-бүлөнүн сүйүктүү оюну болуп калат го деген ойдобуз.

## АДАБИЯТТАР


1. *«Семетей»* Кыргыз Республикасынын ИАнын Коомдук илимдер бөлүмүнүн кол жазмалар фондусу. инв. № 5187.

2. *«Манас»* эпосу. 1-китеп. Фрунзе. 1958.

3. *«Семетей»* — Кыргыз Республикасынын ИАнын Коомдук илимдер бөлүмүнүн кол жазмалар фондусу, инв. № 1121. 10-бет.

4. *«Семетей»*. инв. № 844. 364—365-беттер.

5. *«Семетей»*. инв. № 845, 702-бет.

6. *«Жаныш, Байыш»*. инв. № 5186. 65-бет.

7. *«Семетей»*. инв. № 844. 366-бет.

8. *Владимирцев Р. Я.* Общественный строй монголов. — Л., 1934, с. 37.

9. *«Семетей»* — Фрунзе. 1958, 244-бет.

10. Ошондо, 288-бет.

11. *«Манас»,* 2-китеп,— Фрунзе, 1958, 135-бет.

12. Ошондо, 136-бет.

13. *Баялиева Т.* Доисламские верования и их пережитки у киргизов. — Фрунзе, 1972.

14. *Спиркин А.* Происхождение сознания. — М., 1970. С. 244.

15. *Омурзаков Д., Мусин Ю.* Киргизские народные игры.— Фрунзе, 1973. с. 41—42.

16. Там же. с. 41—42.

17. Там же. с. 42.

18. *Валиханов Ч. Ч.* Собр. соч., т. I. — Алма-Ата, № 961, с. 334.

19. Кырг. Республикасынын ИАнын Коомдук илимдер бөлүмүнүн кол жазмалар фондусу. инв. № 5187. 96-бет.

20. Ошондо, № 5187, 96-бет.

21. *Помаскина Г. А.* Когда боги были на земле. — Фрунзе, 1976.

22. *Мамыров М.* «Ордо оюнунун тарыхы», «Кыргыз маданияты», 6. 01. 92. 1992-ж.

23. *Айдаркулов К.* «Кагаз гүл» же Мамыров өзүнө өзү каршыбы? «Кыргыз маданияты». 07. 1992-ж.

24. *«Манас»,* т. I. Фрунзе, 1979, 158-бет.

25. *Манас,* IV китеп. Фрунзе. 1982, 181-бет.

26. *Манас,* IV-китеп, Фрунзе, 1982, 182-бет.
27. *Манас,* IV китеп. Фрунзе, 1982, 180-бет.
28. *Манас,* т. 2. Фрунзе. 1980, 217-бет.
29. *Манас,* III китеп, Фрунзе, 1981, 134-бет.
30. *Семетей,* инв. № 1076, 2-китеп, 84-бет.
31. *Манас,* инв. № 5184, 35-б.
32. *Манас,* Ошондо, 42-бет.
33. *Манас,* Фрунзе, 1958, 134—138-бет.
34. *Өмүрзаков Д., Мусин Ю.* Киргизские народные игры,— Фрунзе, 1973, с. 56. 82—84-б.
35. *Семетей,* инв. № 5187, 120-бет.
36. *Маргулан А.* Шокан жана Манас. — Алма-Ата, 1973.
37. *Семетей,* инв. № 5187, 120-бет.
38. *Манас,* инв. № 5187, 112-бет.
39. *Өмүрзаков Д.,* Көрсөтүлгөн эмгекте 82-бет.
40. *Семетей,* инв. № 1299, 92-бет.
41. *Өмүрзаков Д.,* Көрсөтүлгөн эмгекте, 56, 84-бет.
42. *Семетей,* М., 1959-бет.
43. *Өмүрзаков Д.,* Көрсөтүлгөн эмгекте, 55, 73-бет.
44. *Манас,* инв. № 5187, 27-бет.
45. *Манас,* 2-китеп, Фрунзе, 1958, 30-бет.
46. *Семетей,* инв. № 1121, 82-бет.
47. *Манас,* М., 1959, 141—142-бет.
48. *Семетей,* инв. № 1121, 106-бет.
49. *Өмүрзаков Д.,* Көрсөтүлгөн эмгекте 48-бет.
50. *Айдаркулов К.* Ордо оюнунун сырлары. («Семетей» эпосунун материалдарынын негизинде) «Кыргызстан маданияты», № 9, 1980. 28-февраль. 14—15-бет; Ордо оюну «Мугалимдер газетасы», 1977. 4-февраль. Кылымдар жаңырыгы, Фрунзе, 1989, 60—82-бет.
51. *Бектенов З., Мусин Ю.* Кыргыздын элдик оюндары.— Фрунзе; 1978, 118-бет.
52. *Бектенов З.* Ошондо, 118-бет.
53. *Бектенов З.* Ошондо, 117-бет.
54. *Бектенов З.* Ошондо, 117-бет.
55. *Черикбаев Э.* «Кыргызстан маданияты», 1982, 4-март.
56. *Айдаркулов К.* Тогуз коргоол байыркы көчмөндөрдүн көөнөрбөс эстелиги «Кыргызстан маданияты». 18-ноябрь. 1986. 14, 15, 8; Кылымдар жаңырыгы. Фрунзе. 1989. 82—84-бет.

## МАЗМУНУ

Кириш сөз . . . . . . . . . . . . . . . 3
Ордо оюну тууралуу айрым тарыхый маалыматтар . . 6
Элдик оюндардын жоокердик машыгуудагы тарбиялык маанисиси . . . . . . . . . . . . . . 27
Тогуз коргоол — байыркы көчмөндөрдүн көөнөрбөс эстелиги . . . . . . . . . . . . . . 40
Адабияттар . . . . . . . . . . . . . . 52

НАУЧНО-ПОПУЛЯРНОЕ ИЗДАНИЕ

*Айдаркулов Кадыркул*

**НАРОДНЫЕ ИГРЫ В ЭПОСЕ «МАНАС»**

Рецензент *Ч. Өмүрбеков*
Бишкек, издательство «Кыргызстан»
На кыргызском языке

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЧЫГАРМА

*Айдаркулов Кадыркул*

**«МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ЭЛДИК ОЮНДАР**

Редактору *П. Самаева*
Сүрөтчүсү *А. Акматов*
Көркөм редактору *З. Кылычбекова*
Техн. редактору *Ж. Cооронкулова*
Корректору *Э. Маматкожоева*

ИБ № 5038

Терүүгө 20. 07. 1994. берилди. Басууга 13. 10. 94-ж. кол коюлду. Китеп-журнал кагазы. Кагаздын форматы $84 \times 108^1/_{32}$. Адабий арибы. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 1,75 физ. басма табак, 2,94 шарттуу басма табак, 2,94 учеттук басма табак. Нускасы 2000. Заказ № 32.
Келишим баада.

«Кыргызстан» басмасы
720361, ГСП Бишкек шаары, Совет көчөсү 170.

Кыргыз Республикасынын «Акыл» мамлекеттик концерни.
Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Бишкек, 5. Т. Суванбердиев көчөсү, 102.

